# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

| №6 (304) | 28.06.2024. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru


*Ала-Тоо бермети*

## *Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун...*

Алыкул





Баяс ТУРАЛ

### КУШ КЕЛИПСИЗ!

3-БЕТ



Турусбек МАРАЗЫКОВ

### КӨРКӨМ ТЕКСТТИ АНАЛИЗДӨӨ ЖОЛДОРУ

4-БЕТ



Абдиламит МАТИСАКОВ

### ПЕРИШТЕЛҮҮ ПРОЗА

7-БЕТ


**ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484**
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА **779** СОМ **34** ТЫЙЫН

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДАГЫ ТАЖРЫЙБАЛАР БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ФОРУМ ӨТТҮ

*2024-жылдын 7-июнда “Кыргыз тилин окутуп, үйрөтүүдөгү жаңы мамилелер жана анын келечеги” аталышында республикалык форуму өттү.*

“Билим берүү жана илим министрлиги Marshall Cavendish Education басма үйү менен 1-11-класстар үчүн математика жана табигый илимдер, 6-класстар үчүн англис тили боюнча окуу материалдарын которуу жана адаптациялоо укугун алуу жөнүндө келишимге кол койду. Эгерде мурда окуу китептери англис тилинен орус тилине, андан соң кыргыз тилине которулуп келсе, эми англис тилинен түз кыргыз тилине которулат” деп, билдирди республикалык форумда Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов.

Республикалык форумга Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев катышып, бул долбоор Билим берүү жана илим министрлиги, Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун биргелешкен планынын негизинде уюштурулуп жаткандыгын, ошону менен бирге мамлекеттик тилди жайылтуу жана колдонуу азыркы учурдун талабы экендигин белгиледи.

Форумдун жүрүшүндө кыргыз тилин окутуп, үйрөтүүдөгү тажрыйбалар боюнча мастер-класстар жасалып, баяндамалар окулуп, форумга мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери, аймактардан чакырылган кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, коомдук уюмдар катышты.



## Жарыя маалыматтар мамлекеттик тил мыйзамынын талаптарына ылайык келүүсү зарыл

2024-жылдын 21-июнунда Кызыл-Кыя шаар мэриясынын тийиштүү адистери, Асаналиев жана Молодёжная көчөсүндө жайгашкан соода-сатык түйүндөрүн, сулуулук салондорду, тамактануучу жана башка кызмат көрсөтүүчү жайларды текшерүүгө алышты. Жыйынтыгында мамлекеттик тил мыйзамын одоно бузган, архитектуралык талаптарга жооп бербеген жарнамалар алынды.

Мындан сырткары, мыйзамсыз илинген жарнамалардын ээлерине “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын жана “Жарнама Жөнүндө” мыйзамынын талаптарына ылайык келтирүү боюнча эскертүүлөр берилди.

Белгилей кетсек ушундай текшерүүлөр жума сайын жүргүзүлөт.






## Нарында «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» аталышындагы жыйын өттү



*2024-жылдын 20-июнда Улуттук комиссия тарабынан Нарын облусунда Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» мыйзамынын кабыл алынгандыгын 35 жылдыгына карата «Мамлекеттүүлүк жана мамлекеттик тил» аталышындагы жыйын өттү.*

Жыйынга КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Мелис Мураталиев, КР Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн орун басарлары Адыл Сапаров, Абдырайым уулу Шабдан, облустук, райондук мамлекеттик администрациялардын, муниципалдык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мекеме-уюмдардын жетекчилери, кызматкерлери катышты.

Жыйындын жүрүшүндө Нарын облусунда «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын аткарылышы, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн, билим берүү мекемелеринде мамлекеттик тилде билим берүүнүн абалы, жарнама ж.б. мамлекеттик тил чөйрөсүндөгү маселелер талкууланып, жыйынтыгында резолюция кабыл алынды.

## Мамлекеттик тил мыйзамынын талаптарынын аткарылышы

*Баткен шаарында жайгашкан коомдук тамактануучу жайлардагы аталыштарда жана көрүнөө маалыматтарда мамлекеттик тил мыйзамынын талаптарынын аткарылышы боюнча мониторинг иштери жүргүзүлдү*

2024-жылдын 26-июнунда мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын аймактарда мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү, Баткен шаарынын мэриясы, КР экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Баткен облустук бөлүмү тарабынан Сайдыман ажы, М.Нургазиев көчөлөрүндө жайгашкан коомдук тамактануучу жайларда, кафелерде, ашканаларда жайгаштырылган сырткы аталыштарын, жарнамаларын жана ичиндеги көрүнөө маалыматтарды, тамак-аш аталыштарын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Конституциялык мыйзамынын талаптарына ылайык келтирүү максатында жеринде түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Эскерте кетсек, Баткен шаарынын мэриясы тарабынан мамлекеттик тил мыйзамынын аткарылышы боюнча мониторинг жума сайын жүргүзүлөт.






ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6 (304)

28 06 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Куш келипсиз!



Байас ТУРАЛ

*Бул сөздүн «Кош келиңиз!» деп эмес, «Куш келипсиз!» деп айтылганы туура. Ал жөнүндө мындан бир топ жылдар мурун бир автор (аты-жөнү эсимде жок) жазып чыккан болчу. Бирок, айтылган сөз айтылган бойдон калып, тили «бузулган» эл ал катасын оңдогон жок.*

Бул сөздү оңдоо керек. Анткени, айыл-шаарлар дал ушинтип жазылган көрнөктөр илинген жерден башталат. Ал эми көрнөк айылдын да, шаардын да жүзү жана көркү. Чет өлкөдөн биздин жерге келген коноктор биринчи болуп, автобекеттин, темир жол вокзалынын жана аэропортунун маңдайына жазылган ушул сөздү окушат. Албетте, алардын кээ бири тосуп алган адамдардан, же коштоп жүргөн тилмечтен: «Бул эмне деген сөз?» деп сурайт. Ошондо биз: «Добро пожаловать!» деген орусча сөздүн маанисин ойлонбой туруп айтып беребиз. А чынында, бул сөз кыргызчага: «Кош келиңиз!» деп эмес, «Куш келипсиз!» деп которулуш керек.

Кыргызда: «Куш келипсиз!» деген сөз бар, бирок «Кош келиңиз!» деген сөз жок. Ал Совет мезгилинде «киргиздер» тарабынан киргизилген «бузук» сөз. Буга кошумча, белгилүү эле тилчилердин кээ бирөөлөрү: «Кантип айтсак деле баары бир - ал ирандын «кош» деген сөзүнөн алынган, ал «жакшы», «кубаныч» дегенди билдирет дешет. Биз бул ойго такыр каршыбыз. Биздин тилде иран, араб тилдеринен кирген сөздөр көп экени чын. Бирок, «куш» деген сөздү биз иран тилинен алганыбызга менин шегим бар? Чет өлкөгө чыгып, байкап келген элдердин ичинен кыргыздай конок тоскон эл жок экенин көрүп жүрөбүз. Кыргыз үчүн илгертен эле конок «ыйык адам», «сыйлуу адам» катары саналып келген. Анан, ошондой конокту сыйлоо маданияты жогору элдин кантип, конокту тосуп чыкканда, аны узатканда айтар өзүнүн сөзү болбосун!? Тарыхчы катары да мен өзүм, конокту тосуу боюнча, ирандыктар башка дүйнө элдеринен айырмаланган эл экенин эч жерден окуган эмесмин. Ал эми Кыргыз элинин эң негизги улуттук касиеттеринин бири- ал конокко өзгөчө мамиле жасарын окуп да, угуп да, көрүп да жүрөбүз.

Дүйнөнүн башка элдеринен айырмаланып, байыркы кыргыз урпактары (азыркы кыргыздар жана казактар) күн келсе - күн, түн келсе - түн, конокко тамагын берип, үйүнө жаткырып сыйлаган эл. Дүйнөнүн башка элдери, таанылбаган адамга тамак бермек турсун, үйүнө да киргизбейт. Түндө келген адамга болсо, деги эле эшигин ачышпайт. Анан ошондой элдерден, кыргыз эли «конок тосконду жана узатканда айтчу сөздөрүн үйрөнгөн» деген сөздүн өзү чындыкка жакындабайт. Бул, «улус» деген байыркы түрк-монгол сөзү, бир нече жылдардан кийин «облус» болуп келгендей эле нерсе. Же байыркы түрк элдеринин «кут» деген сөзү Иранга өтүп, ал жерде «худо» деген сөзгө айланып, анан жүздөгөн жылдардан кийин Туран жерине «кудай» болуп кайрылгандай эле кеп.

А болбосо, бул сөз Турандан Иранга байыркы көчмөндөр менен кошо агып өткөнүндө шек жок. Эгер иран тилинде бул сөздөр («хуш» жана «хош») «жакшы» деген гана маанини билдирсе, кыргыз тилинде бул эки башка сөз жана алардын маанилери алда канча терең, көп сырдуу.

Сөзүбүз куру болбосун үчүн алардын маанилерин чечмелеп көрөлү:

1.«Куш» - бул сөздүн кыргыз тилиндеги «кең» мааниси - жалпы канаттууларды, «тар» мааниси - «жырткыч» канаттууларды түшүндүрөт.

Ал эми «коштун» түпкү мааниси бүгүнкү кыргыз тилинде «кушка» салыштырмалуу бир аз күңүрт сакталган. А чынында, ал байыркы «эр элдердин» («арийлердин») тилинде «гош» формасында айтылып «ыйык буканы», башкача айтканда «тотемди» билдирген. Бүгүнкү күнү биз-кыргыздар: «ош!» деп, (ал эми өзбектер«хош!» дешет) анын байыркы атын айтып айдайбыз. «Оу! оу!» деп чакырабыз. Ал тажик тилиндеги «гоу» деген сөз. Мааниси- «өгүз», «кара мал». «Гош» сөзү көчмөн элдерде: «гош» - «гос» - «гуз» ж.б. формаларда айтылат. Кыргыз тилинде ал «кош» формасына өткөн. Биз - кыргыздар: «Кош айдоо» деп сүйлөйбүз да, аны «жер айдоо» деп түшүнөбүз. А чынында түз мааниси- «өгүз айдоо» дегенди билдирет.

***

Ошентип кыргыздар үйгө келген конокту: «Куш келипсиз!» деп тосуп алат, «кош келиңиз» дебейт. Келген конок ал сөзгө жооп кылып: «Кушубак болуңуздар!» дейт, «кош убак болуңуздар» дебейт.

Тамак ичилип бүткөндөн кийин гана анан үй ээси: "Кош жолоочум, ким болосуз? Кайсы элдензиз? Каяктан келатасыз?" деп жөн-жай сурайт. Жолоочу өзүн тааныштырып, элин, жерин жана тегин айтат.

Конок кетип баратканда үй ээси: «Кош, жакшы барыңыз» дейт. Конок үй-ээсине ыразылык билдирип, атына минет да, анан: «Кош калыңыздар!» же, «Кайыр кош, жакшы туруңуздар!» деп жөнөй берет. Коштошуп жатканда: «Куш болуңуз» дебейт же, «кайыр куш» деп айтпайт. Көңүл коюп, баам салсаңыздар, кыргыздар мейманды тосуп чыкканда: «куш» деген сөздү, узатып жатканда «кош» деген сөздү колдонушат. «Куш» - учурашып жатканда, «кош» - ажырашып баратканда айтылчу сөздөр. Башкача айтканда, кыргыздар: «Куш келипсиз!» деп жолугушуп, «Кош калыңыз!» деп ажырашат.

Куш – "көктө учкан", Кош - "жерде жүргөн" жаныбар. Куш - жеңил, сергек сезимдин, көтөрүңкү көңүлдүн, кубанычтын, сагынычтын, Кош - оор, салмактуу ойдун, салабаттуу басыштын жана чөгүңкү маанайдын символу. Мисалы: «Куш көңүл» же, «көңүл кушу» деген сөз бар кыргыздарда. «Көңүл кушу түшүп», же «куштар болуп» деп сүйлөйт биздин эл. Ал «кызыгууну», бирөөнү «сүйүп калууну» билдирет.

Ошол эле учурда кыргыздар: «Көңүл кош» же, «кош көңүл» деген сөздү колдонушат. Ал: «кайдыгер», «эки анжы», «көңүлсүз» деген маанилерди түшүндүрөт. Тагыраак айтканда: «Куш көңүл» - асманда көкөлөп учуп жүргөн куштай канаттуу сезим, «Кош көңүл» - өгүздөй оор сезим, ал аргасыздык, айласыздык жана эки анжылык. Ошондуктан келген адам «куш» сыяктуу жеңил келет, кеткен адам «кош» сыяктуу оор кетет.

Куш бутака конуп уктаган жаныбар. Демек, жеңил, сак уктайт. Катуу уктаса, бутактан тоголонуп түшүп калышы мүмкүн. Ошол үчүн байыркы замандардан эле жоокерлер кушту туурап, өздөрүн таптап, тарбиялап, «уйкусу сак» эрлерге айланышкан. Алар жортуулдарда күндөп-түндөп жол жүрүшкөн, «куш уйку салып», эс алышкан. Биздин байыркы бабаларыбызды ирандыктар жалпы жонунан «сактар» деп аташкан. Анын бир мааниси «куштун канаты» (С.Закиров) деген түшүндүргөн. Анткени, алардын кол башчылары жана бийлери өз даражаларына жараша баш кийимине ар кандай куштун канаттарын сайынып жүрүшкөн.

«Бүркүт - бирөө, өгүз - экөө». Эки өгүздү кошоктоп, жер айдасаң болот же, он өгүздү каалаган жагыңа айдап барсаң болот. Бирок, кушту каалаган жагыңа айдап, учура албайсың. Ал өзү каалаган жагына учат, каалагандай сызат. Куш - эркин, Кош (өгүз) - эрксиз элдин символу.

Чынында, кыргыз тилинде «кош» деген сөз да бир нече мааниге ээ. Анын бири - ал жер айдаган дыйкандардын убактылуу журт кылып турган жерин билдирет. Түпкү мааниси: «өгүзчүлөр жаткан жер», «өгүз менен жер айдаган адамдардын конушу» же, «өгүздөр жаткан жер».

Кыргыз көчмөн, малчы эл болгон. Ошондуктан ал жатакта калып, кош кошуп жер айдаган эмес. Кыргыз үчүн илгертен эле: Уй - сүт берген, Бука - эт берген мал. Өзбек тилиндеги «гөш» («эт») деген сөздүн түпкү мааниси да «өгүздү» билдиреринде шек жок?

«Кош» деген сөздөн ошондой эле биздин оюбузча: «кош колдоп», «кош ооз мылтык», «коркконго кош көрүнөт», «кошчу», «кошок» «кошомат» деген сөздөр жаралган. «Кошуун» да эки канаттан же, андан көп, бир нече бөлүктөн куралган кол. Ошентип биздин оюбузча, «кош» деген сөздө «эки жүздүүлүк» же дайым "кош маани" жатат. Аны «жакшы» десең да болот, «жаман» десең да болот. Бирок, «кушту» анте албайсың, ал дайым жакшы.

Кыргыз өзү «үч бөлүктөн» турган эл. Бир бөлүгүн- «Оң канат», экинчи бөлүгүн- «Сол канат», үчүнчү бөлүгүн - «Ичкилик» дейт. Же: «Ак уул», «Көк уул» жана «Кызыл уул» деп түстүк аттары менен айтат. Мунун өзү да Кыргыз «куш тукумунан» тараган эл экенинен кабар берип турат. Өзүнүн жашаган Боз үйүнүн керегелерин да канаттарга бөлүп: «төрт канат», «алты канат», «он канат», «он эки канат» ж.б. деп сүйлөйт.

Кээ бир тарыхчы илимпоздордун изилдөөлөрүнө караганда, «кыргыз» деген сөздүн бир мааниси да: «кызыл куш» («бүркүт») дегенди түшүндүрөт. Ал эми Манас атабыздын асмандан колдогон пири- «Алп Кара Куш». Ошентип каягынан карасаң деле Кыргыз - «Куш элдин тукуму» экени көрүнүп турат.

А ырасында, Кыргыз көңүлүн куштай таптап жүргөн таланттуу эл экени чындык. Башка элдерден айырмаланып, балким куш тилин өзгөчө түшүнгөнү да ошондондур? Коногун да: «Куш келипсиз!» деп тоскону - ал байыркы бабалары болгон «Куш элинин» салты, саламы. Ал: "Кушка окшоп келип калыпсыз" дегени. Коногун асманда учкан кушка салыштырып атканы. А чынында, көптөн бери көрүшө элек сагынышкан эки достун бири-бирин утурлап, кучакташып көрүшкөнү баратканы- канаттары жайылып, бири-бирин көздөй учуп келатышкан эки кушка окшойт! Кыргыз ушинтип кушка окшоп жеңил көрүшүп, кошко (өзүзгө) окшоп оор ажырашат. Анан, дагы бир нерсе: Кыргыз кошко (өгүзгө) окшоп «чөп» жебестен, кушка окшоп «эт» жеген эл. Ал азыркы жеп жаткан «чөп-чарларынын» баарын (салттарын) кече эле жакында отурукташкан элдерден үйрөндү.

Дагы кыргыз: «Катын ишин билет, эркек кушун билет» деп айтат. Балдарын үйлөнгөндө жигитке карап: «Куш бооң бек болсун!» деп бата берет. Келинге карап: "Конгон тууруң кут болсун!" дейт. Жаш, наристе бала өтсө, кыргыз аны «өлдү» деп айтпай, «учуп кетти» дейт. Баласынан айрылган кыргыз адамы: «Канатыман айрылдым» деп өкүрөт. Адам өлгөндө да анын жаны жер түбүндө кетпестен, "булут" болуп, же "кушка" айланып көккө учуп кетет деп түшүнөт кыргыз. Кыскасы, кыргыз, жазында учуп келип, күзүндө кайра учуп кетишкен куштарга окшоп, жазында жайлоого чыгып, күзүндө кайра кыштоого түшүп, көчүп жашаган эл. «Куш элдин» урпагы болгону үчүн ал баласын: «балапаным» деп эркелетет. Үйүн кээде «уям» деп айтат. А чынында, «Кыргыз+стан» деген сөзгө караганда, «Кыргыз+ия» деген кыргызча тагыраак айтылган сөз. Анткени, Кыргызстан («кыргыз станциясы») "кыргыз токтогон жер", «кыргыз конгон жер» дегенди билдирсе, Кыргызия - «кыргыз үйү», «кыргыз уясы» дегенди түшүндүрөт. Кыргыз дагы: «Бакыт кушу конгон - бай болот, Дөөлөт кушу конгон бий болот» дейт. Демек, кыргыз үчүн куш - бакыттын, дөөлөттүн символу. Кыргыз «куш жаздыкка» чыканактап жатат, бир жакка кабар берсе - «куш тилиндей» кылып кат жазып берет.

Кыргыз ырдаганда, эркектерин - кушка, бүркүткө, шумкарга салыштырып ырдайт. Аялдарын - «ак куу», кыздарын - «кыргоол» же «көгүчкөн» дейт. Ырчыларын - «булбулга» же «торгойго» салыштырышат. Ал эми душмандарын - «карга», «кузгун» ж.б.

Байыркы замандарда кыргыз бийлери жана кол башчылары- бүркүттүн жана шумкардын, ал эми кыздары - улардын жана үкүнүн канаттарын сайынып жүрүшкөн. Жамандыктан жана кырсыктан сактайт деп, баланын бешигине куштун тырмагын же, канаттарын илип коюшкан. Айтор, кыргыздын кушка байланышкан ырым-жырымы көп. Жадагалса кыргыздын тайганы да куштан туулат. Тагыраак айтканда, кыргыздар: «Ит төрөсү» - «Кумайык жорудан туулат» дешет. Ошентип, кыскартып сүйлөгөндө, Кыргыз- «куш элдин» урпагы, ал эми Куш - бакыттын жана дөөлөттүн белгиси.

***

Куш - кубаныч, жаңылык апкелет, жазында учуп келген куштар менен кошо күн жылып, жер бети жашыл түс жамынат, жаңы мезгил келет. Айлана-тегеректе өзгөрүү жүрөт. Башкача айтканда, кушта – жаздын, кошто - кыштын касиети бар. Кырыз үчүн конок да куштай мааниге ээ. «Канча бут келсе, үйгө ошончо кут кирет» деп айтат кыргыз. Чакырылган конок» жана «кудай конок» деп конокту экиге бөлөт. «Кудай конок» - ал өзү капысынан келип, конуп калган адам. Кыргызстандын түшүнүгү боюнча, аны Кудай апкелет, ошол үчүн аны биздин эл «кудай конок» деп айтат. Конок, куш сыяктуу учуп келет, куш сыяктуу учуп кетет. Күн кеч киргенде, куштар бутакка конгондо, ал да күн баткан жерине түнөйт.

*(Уландысы 6-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№6 (304)
28 06 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Көркөм текстти анализдөө жолдору



**Т.Маразыков,**
**КР УИАнын кореспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор.**

Макалада көркөм текстке иликтөө жүргүзүү маселеси жана ага коюлуучу негизги талаптар, көркөм текстте образ түзүү максатында көркөм деталдардын колдонулушу, алардын текстте көп кырдуу, көп сырдуу маани туюндуруучу касиеттерге ээ экендиги, мындай көркөм деталдар аркылуу туюндурулган көркөм образдар, көркөм ойлор адамдын жан дүйнөсүн ар тараптан өнүктүрүүгө салым кошору конкреттүү көркөм текстти иликтөө аркылуу лингвостилистикалык, лингвокоммуникативдик багытта түшүндүрүлүп берилди.

**Өзөктүү сөздөр:** көркөм текст, көркөм образ, көркөм деталдар, лингвостилистика, каймана ой (подтекст), чыгармачыл ой жүгүртүү ж.б.

Көркөм текстти иликтөө маселеси орто мектепте болсун, жогорку окуу жайларында болсун, бүгүнкү күнү абдан актуалдуу маселелердин катарын түзөт. Анткени, тилекке каршы, көркөм текстти толук кандуу иликтөө боюнча Кыргызстанда, биздин "Көркөм текст: окутуу жана иликтөө маселелери" (Б., 2020-ж.) деген эмгекти эске албаганда, жетишерлик деңгээлде илимий изилдөөлөр да жүргүзүлбөгөн жана практикалык иштелмелер да жазылбаган. Мына ушул сыяктуу кемчиликти толуктоо максатында кыргыз тили жана кыргыз адабияты багытында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү максатын көздөгөн адистерге жардам катары көркөм текстти иликтөө жана көркөм деталдарга талдоо жүргүзүү маселелери тууралуу ойлорубузду бөлүшөбүз.

**1.** Көркөм адабият – бул адам таануу. Азыркы учурда көркөм адабиятты окутуунун негизи, өзөгү ушул идеяга барып такалышы зарыл. Аталган бул идея көркөм текстти ар тараптуу иликтөө аркылуу ишке ашат. Ошондуктан орто мектепте болсун, жогорку окуу жайларында болсун, көркөм текстке иликтөө жүргүзүү маселесине олуттуу мамиле жасоо талап кылынат.

**2.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүү мугалимден көп багыттуу, терең билимдин, дилгир, сезимтал жан дүйнөнүн болушун талап кылат.

**3.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүү үчүн окуучулар ошол көркөм чыгарманын өзүн толук окуп чыгуусу – негизги талап.

**4.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө окуучуга көркөм адабий чыгарманы терең түшүндүрүү үчүн көркөм адабият таануу илиминин негиздеринен кабар бере кетүү талабы коюлат. Анткени көркөм адабият таануунун теориясы, принциптери, түшүнүк-категориялары тууралуу жөнөкөйдөн татаалды көздөй окуучуларда маалымат болбосо, көркөм текстти талаптагыдай иликтөө мүмкүн эмес.

**5.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө чыгармадагы негизги каймана ойду (подтекстти) түшүнүп, өздөштүрүү үчүн мугалимде ырааттуу, логикалуу ой жүгүртүү, ийкемдүү, чыгармачыл ой жүгүртүү, зирек эстетикалык сезүү-туюм жана логикалуу сүйлөй билүү көндүмдөрүнүн болушу талап кылынат. Аталган касиеттерди окуучуга ар кандай жолдор, ыкмалар, каражаттар аркылуу үйрөтүү мугалимдин алдында турган – чоң милдет.

**6.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө мугалим окуучуларга моралдык, эстетикалык таалим-тарбия берүү милдетин орундатуу талабы коюлат. Көркөм адабий материалдардагы моралдык, эстетикалык дөөлөттөрдүн негизинде ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо – көркөм адабиятты окутуунун учурдагы негизги талаптарынын бири. Көркөм чыгарманы иликтөөнүн негизги максаттарынын бири – көркөм текст аркылуу окуучуларды жакшылыкка үгүттөө, аларды адамдык оң сапаттарга ынандыруу. Адам баласынын бир нерсеге ынанышы, ишениши жеңил-желпи кубулуш, көрүнүш эмес. Адамда кайсы бир нерсеге ынануу көп убакытта жеке тажрыйбанын, көп нерселерге иликтеп байкоо жүргүзүүнүн, кагылып-согулуунун негизинде гана жаралат. Кайсы бир маселеге окуучуну кызыктыруу ынандыруунун башатын түзөт. Анткени кызыгууда ишенимдин негиздери болот, ишеним ынанымдын өзөгүн түзүп турат.

Окуучуда адамкерчиликке, гумандуулукка негизделген моралдык ынанымды, оң (позитивдүү) дүйнө көз караштты түзүп, калыптандыруу көркөм текстти иликтөөнүн дагы бир маанилүү багыты, талабы болуп саналат. Адамда жаш кезинен баштап эле ушул маселелердин пайдубалын түзүү абдан зарыл. Моралдык ынанымдын болушу – таалим-тарбия берүүнүн жыйынтыгы. Азыркы учурда төмөнкүдөй моралдык ынаным биздин коом үчүн терең мааниге ээ:

**а.** Мекенди көздүн карегиндей сактоо;

**б**. Ата-энени, урук-тууганды бийик баалоо;

И Өз элинин каада-салтын сактоо, философиясын, тарыхын, маданиятын терең өздөштүрүү;

**в.** Өзүнө болгон ишенимди жаратуу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү өстүрүү, өзүн өзү түзүү, демилгелүү, активдүү болуу, азыркы заман активдүү, эмгекчил адамдардын заманы экенин түшүнүү;

**г.** Башка бирөөлөрдүн кызыкчылыгын, ой-пикирин, көз карашын урматтоо, өз кызыкчылыгын элдин кызыкчылыктан жогору койбоо;

**д.** Руху бийик, маданияттуу, илим-билимдүү, алдыңкы адам болууга умтулуу;

**е.** Ийкемдүү, чыгармачыл ой жүгүртүүгө үйрөнүү ж.б.

**7.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө негизги талаптардын бири – окуучунун акыл казынасына таасир этип, анын акылын, чыгармачыл, көркөм ой жүгүртүүсүн, турмуштук көркөм элестөөлөрүн, кабылдоосун ар тараптан өнүктүрүү.

**8.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө көркөм-эстетикалык маалыматтар, көркөм образдар, оригиналдуу, кайталангыс, көркөм ойлор, концепциялар аркылуу окуучунун дүйнө таанымына, дүйнө көз карашына, турмуштук ишеним-ынанымдарына, умтулууларына таасир этип, аны адамзаттагы асыл нарк-насилдерге тарбиялоо, багыттоо талабы коюлат.

**9.** Көркөм текстке иликтөө жүргүзүүдө көркөм-поэтикалуу материалдардын негизинде окуучунун жүрөгүнө, сезим дүйнөсүнө таасир этип, анын ички маданиятын, адамдарга кайрымдуу, боорукер, камкор рух-дараметин жаратуу, калыптандыруу жана өнүктүрүү талабы коюлат. ж.б.

Албетте, көркөм чыгармага иликтөө жүргүзүүдө булардан башка да талаптар коюлушу мүмкүн. Ошондой болсо да, биздин оюбузча, аталган талаптар негизги талаптар болуп саналат.

Эми көркөм текстте негизги көркөм деталдарга иликтөө жүргүзүү маселелери тууралуу ойлорубузду бөлүшөбүз.

Көркөм текстте негизги көркөм деталь катары эсептелген сөздөрдүн табиятын иликтеп үйрөтүү көркөм чыгарманын алдына коюлган, аткаруучу милдеттерин (миссиясын) таанып билүүнүн башатын түзөт. Көркөм чыгарманын адамдарга моралдык, эстетикалык таалим-тарбия берүү маселеси болсун, же адамдардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, жан дүйнөсүн байытуу милдеттери (миссиясы) болсун, ал көркөм чыгарманын каймана маанисин (подтексттин) толук кандуу түшүнүү маселесине тыгыз байланыштуу. Көркөм чыгармадагы сөз төркүнүн түшүнүүгө анда туюндурулган көркөм деталдар көмөкчү болмокчу. Мисалы, көркөм деталдардын көп кырдуу, көп сырдуу маани туюндуруучу касиеттерин байкап билүү максатында кыргыз элинин мыкты акыны Омор Султановдун төмөндөгүдөй ырына иликтөө жүргүзүп көрөлү.

*Сен болуп бардык жайдан караганым,*
*Шамалдай туш тарапка таралармын.*
*Ачылып ырбап кетээр кайра баштан,*
*Айыккан менин эски жараларым.*

*Ошондо өрттү көрсөң күйүп-жанган,*
*Суу көрсөң аңтарылып агып жаткан.*
*Жер көрсөң тереңдерден титиреген,*
*Куш көрсөң жалгыз учуп бара жаткан.*

*Күн көрсөң көз жаш төгүп ыйлап турган,*
*Түн көрсөң көөдөй кара ит улуган.*
*От көрсөң жалгыз күйгөн тоо башынан,*
*Жап-жалгыз кайык көрсөң толкун урган.*

*Эгер сен бала көрсөң улутунган,*
*Эң катуу ызаа көрсөң турмушуңдан.*
*Мас көрсөң ыйлап аткан, ырдап аткан,*
*Жаш көрсөң бир муңайым бара жаткан.*

*Анан да буюм көрсөң кыйрап сынган,*
*Бак көрсөң бороон уруп шагы сынган.*
*Ошонун баарын мен деп биле бергин,*
*Көзүңө көрүнгөндүн баары менмин,*
*Жалдырап сени тилсиз карап турган.*

Омор Султанов (Султанов О. Жан берели сүйүүгө: Ырлар жана роман. Б.: «Акыл» концерни, 1996. 22-б.)

Мисалга келтирилген бул ыр акын Омор Султановдун сүйгөн адамынан айрылуу сезимдерин чагылдырган «Сен жөнүндө поэма» деп аталган ыр түрмөктөрүнөн алынды. Ошондуктан жалпы темага байланыштуу ырдын ыргагы, кырааты муңдуу. Мында адегенде эле ырдын өзгөчө тыбыштык тутуму (фоноструктурасы), ыргак-мукамы (ритмо-мелодикасы), лирикалык каармандын кайгы-муңун, ички өксүк арманын туюнткан ыргагы, интонациясы негизги көркөм деталь катары көңүлдү өзүнө бурат. Ырдын муңдуу мукамы анын каймана мазмунунун бир бөлүгү болуп саналат. Ушул тыбыштык, ыргак-мукамдык кыртыш ырда колдонулган сөздөр менен, ойлор менен бир шайкештикке (гармонияга) келтирилген. Бул жагдай «Сен болуп баардык жайдан караганым» деген ырдын биринчи сабында эле туюндурулган. Бул сапта туюндурулгандай кайсы бир адамды «баардык жайдан кароо», издөө тегин эмес. Бул – арзуу темасына байланыштуу аргасыздан айрылуунун, ажырашуунун, амалы түгөнүп, ошол чындыкка ишенип-ишенбегендиктин, ага келишип-келишпегендиктин, сезими ичинен алоолонгон ызаанын белгиси. «Арзып тапкан адамынан ажыроо, айрылуу», «жеке жашоодогу орду толгус жоготуу» сыяктуу маани ырдын биринчи сабында эле муңкана муңайым айтылган. Аталган маани ырдын кийинки саптарында ырааттуу өнүктүрүлгөн.

Ырдын «Шамалдай туш тарапка таралармын» деген экинчи сабында акын «шамал» сөзүнө бир нече кошумча маанилерди (коннотациялык маанилерди) чөгөрүп, жогорудагы «арзуу», «ажыроо» маанилерин дагы толуктап, күчөтүп, кылдат колдонгон. Түз мааниде алганда, шамал – адамдардын эркине, каалосуна баш ийбеген, ээ жаа бербеген жаратылыштык кубулуш. Ушул ээ жаа бербеген кубулуш лирикалык каармандын бүлгүнгө учураган жан дүйнөсүнө, буркан-шаркан түшүп жаткан ички сезимине өтмө мааниде салыштырылды. Ошондо конкреттүү ушул контекстте «шамал» деген сөз «сүйгөн адамынан түңүлө албай эрксизден кайра-кайра эстей берүү», «сагынуу», «кусалануу» «аны тынымсыз ойлоо» сыяктуу кошумча поэтикалык маанилерге ээ болду. Эгерде жүрөгүн сыгып, тынчтык бербеген сагынуу, кусалануу болбосо, лирикалык каарман «шамалдай туш тарапка таралып», эч кимди деле издебейт эле. Ошондуктан ырда колдонулган «шамал» – «аргасыздык», «ичте болгон тынымсыз сарсанаа», «жанга тынчтык бербеген, акылга баш ийбеген, албуут сезимдин ички дүйнөдө баш аламандыкты жаратуусу». Ошондой эле «лирикалык каармандын мындан кийинки турмушунун, келечек багытынын белгисиздиги, максат, үмүттөрүнүн кыйрашы, чагылып, чачырашы» сыяктуу кошумча (коннотациялык) маанилер да бул сөзгө сыйдырылган. «Шамал» деген «боштукту», «эң жакын көргөн, жан бирге адамынан ажырагандагы жан дүйнөнүн аңгыраган ээндигин» да кыйыр туюндурат. Мында лирикалык каармандын жашоо-тиричилигинде түзүлгөн «муздактык, жан дүйнөнү жабыркаткан жалгыздыктан, эңгиреген ээндиктен жаралган жагымсыз абал, жүрөктү зыркыраткан сарсанаа, тынчсыздануу» сыяктуу кошумча каймана маанилер да бар. Чындыгында эле, шамалдын табиятында «адамдардын эркине каалоосуна баш ийбегендик», «ээ жаа бербегендик», «бүлгүнгө учуратуучулук», «буркан-шаркан түшүүчүлүк», «эрксиздик», «тынымсыздык», «тынчтык бербөөчүлүк», «аргасыздык», «албууттук», «баш аламандыкты жаратуучулук», «багыттын туруксуздугу, белгисиздиги», «боштук», «аңгыраган ээндик», «муздактык», «жабыркатуучулук», «жагымсыздык», «сарсанаага салуучулук», «тынчсыздануну жаратуучулук» сыяктуу касиет-белгилер болот. Акын шамалдагы дал ушул кыйратуучу маанилерди бул ырында билгичтик менен колдонуп, шамал сөзүнө жаңы поэтикалык маанилерди чөгөрө алган. Ошондуктан лирикалык каармандын арзыган адамынан ажырап, «шамалдай туш тарапка таралышы», анын жан дүйнө абалынын өтмө мааниде шамалга салыштырылышы жогоркудай маанилерди кыйыр туюндура алат.

Ырдын үчүнчү, төртүнчү сабында лирикалык каармандын арзыганынан айрылуу азабы «ачылып, ырбап кеткен, эски жарага» салыштырылган. Мында «ырбап кеткен, эски жара» деген көркөм деталь «азапка батуу», «зыркырап сыздоо», «жүрөгү ооруу», «тынчсызданып кайгы тартуу», «көптөн бери эле алапайын таппай санаркап жүрүү», «ички дүйнөнүн жагымсыз абалы», «ой-сезимдин удургуп бүлүк түшүүсү» сыяктуу кошумча маанилерге ээ. Жагымсыз маанай жараткан «ырбап кеткен, эски жара» жабыркоону, ичтен тынып, ичтен муңга батууну да кыйытып турат.

Ырдын биринчи куплетиндеги «Шамалдай туш тарапка таралармын», «Ачылып ырбап кетээр…» де-

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№6 (304)
28 06 2024
kyrgyztili@mail.ru

ген келер чакта айтылган туюнтмаларга караганда, лирикалык каармандын бул кайгы-муңу утурумдук, убактылуу көрүнүш эмес, ал сүйгөнүн эстеп, куса болуп сагынмайын болочок жашоо-турмушун эч бир элестете албайт. Анын үстүнө «таралармын», «ырбап кетээр» деген арсар келер чактагы сөздөрдө туюндурулган кыймыл аракет бир эмес, бир нече ирет кайталанышы толук ыктымал. Ошондуктан бул сөздөрдүн маанисинде «кайра кайткыс болуп, сезимге баш оту менен берилгендик», «тагдыр-жашоосу бөлөк болсо да, сүйгөн адамын унута албай, өмүр бою азап чегүү», «түгөнбөгөн кыялдарга батып, жок дүйнөдө өзүн өзү алдап жашоо» сыяктуу маанилер да камтылган.

Ырдын экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи куплеттеринде лирикалык каарман сүйгөнүн эстеп, муңдап кеткенде, «ошондо» кандай абалдарда болору көркөм баяндалган. Аталган куплеттерде колдонулган негизги деталдар ырдын биринчи куплетинде каймана туюндурулган арзуу арманын, айрылуу, ажырашуу азабын ар тараптан көркөм сүрөттөп көрсөтө алат.

Маселен, ырдын экинчи куплетинде сүйгөн адамынан айрылуу «күйүп-жанган өртко», «аңтарылып агып жаткан суугa», «тереңдерден титиреген жерге», «жалгыз учуп бара жаткан кушка» салыштырылат. Аталган көркөм деталдардын ар биринде лирикалык каармандын муң-арманын туюндурган көп түрдүү кошумча маанилер бар. Мисалы, лирикалык каармандын муңга баткан ички дүйнөсүнө салыштыра караганда, ыр текстинде туюндурулган «күйүп-жанган өрт» – «эч нерседен кайра тартпаган албуут кырсыктын», «эбегейсиз чоң чыгашага кириптер болуунун», «кыйрап, бүлүнүп, бүлгүнгө учуроонун», «чекти, адатты билбеген кайгымуңдун», «баш аламандыктын» белгиси. Лирикалык каарман үчүн сүйгөнүнөн ажыроо – турмушунда башынан кечирген чоң кырсык, орду толгус, эбегейсиз чоң чыгым, чексиз кайгы-муң жана болмушунда жаралган түгөнбөгөн баш аламандык. Ушул эле контекстте караганда, «аңтарылып агып жаткан суу» – «тынымсыз уланып, тоодон ылдый удургуп, эч нерсени көзүнө илбей, ээ жаа бербей, долуланып, аңтарылып аккан суудай болгон сарсаанын», «аргасыздык абалдын», «токтоп тура албаган үзгүлтүксүз кооптонуунун, коркунучтун» белгиси. Ошондуктан лирикалык каармандын бул жоготуусун анын мындан ары түгөнбөгөн сарсанаада, жүрөгү сыздап, аргасыз абалга кептелип, үзгүлтүксүз тынчсызданууда, азапта жашоосу катары да түшүнүүгө болот.

Ал эми ырдын экинчи куплетинин үчүнчү сабында колдонулган «тереңдерден титиреген жер» – адам баласы үчүн эң чоң жоготууларды, кайгы-муңду, кыйроону алып келүүчү жаратылыш кырсыгы. Ушунча алаамат алып келген көрүнүштү сүйгөнүнөн айрылуунун кайгы-муңуна салыштырганда бул жоготуу жөн эле жоготуу эмес, алапайын таппай, өзүн өзү кошо жоготуу экенин, анын канчалык деңгээлде оор экенин кыйып сезүүгө болот.

Табиятта «жалгыз учуп бара жаткан куш» да бир кырсыктын, бүлүнүүнүн, армандын, айрылуунун белгисин билдирет. Бул салыштыруудан лирикалык каармандын максаттары кыйрап, багыты сынганын байкай алабыз.

Ырдын үчүнчү, төртүнчү, бешинчи куплеттеринде лирикалык каармандын арманга баткан ички дүйнөсүнө салыштырылып колдонулган «көз жаш төгүп ыйлап турган күн», «көөдөй кара ит улуган түн», «тоо башынан жалгыз күйгөн от», «толкун урган жап-жалгыз кайык», «ыйлап атып улутунган бала», «турмуштагы эң катуу ызаа», «ыйлап аткан, ырдап аткан мас», «бир муңайым бара жаткан жаш», «кыйрап сынган буюм», «бороон уруп шагы сынган бак» деген көркөм деталдар сүйгөнүнөн айрылуунун жогоруда белгиленген ызаасын, кайгымуңун кыйыр туюндурду жана бул салыштыруулар лирикалык каармандын ички дүйнөсүндө кыйсыпыр түшүп бүлүнүүсүн, жапа чегип, капалануусун, шагы сынып, маанайы бузулуп, жүрөгү сыздоосун, жазмышына өкүнүп, ачууланусун, тагдырына наразылыгын, эң аруу максаттары, асыл тилектери кыйрап, эс учун таппай, армандап туталануусун, турмушунда зор соккуга учурап, ичинен талкаланып, ичинен кыйроосун, жан дүйнөсүндөгү үмүтсүздүк, боштук абалын ар тараптан, терең, көркөм чагылдыра алды.

Ырдын жалпы мазмунунда махабаттын улуулугу, адамдын кайталангыс ыйыктыгы баяндалган. Адамды адам кылып турган – анын сезими. Адамдын улуулугу, асылдыгы анын сезиминен байкалат. Бул ырда адамды сыйлоонун, кадырлоонун, ардактоонун мыкты үлгүсү акын Омор Султанов тарабынан көркөм-эстетикалык негизде таасирдүү көрсөтүлгөн.

Жогоруда көрүнүп тургандай, көркөм текстте образ түзүү максатында көркөм деталдар көп кырдуу, көп сырдуу маани туюндуруучу касиеттерге ээ. Мындай көркөм деталдар аркылуу туюндурулган көркөм образдар, көркөм ойлор адамдын жан дүйнөсүн ар тараптан өнүктүрө турган белгилерге ээ. Ошондуктан андай көркөм ойлор, көз караштар окуучуларга эстетикалык да, моралдык да таалим-тарбия берүүгө мүмкүнчүлүгү кенен. Ал үчүн көркөм тексттерди ар тараптан иликтеп, окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, жан дүйнөсүнө бүлүк салуу иштерин аткаруу зарыл. Эгерде мугалим окуучуга тыкыр көз салып, анын окурмандык кызыгуусун, ой жүгүртүү деңгээлин, көркөм текстти сезип-туюу жөндөмүн жана окуучунун турмуштук тажрыйбасына окутулуп жаткан материалдардын дал келишин дайыма иликтеп, көзөмөлдөй алса, көркөм текстти иликтөө окуучулардын ой жүгүртүүсүн ар багыттан өнүктүрө алат. Көркөм чыгарманы иликтөөдө мугалим окуучунун конкреттүү ой жүгүртүүсүнө жана текстти көркөм кабыл алуусуна басым жасоосу жана ошого таянуусу зарыл. Бул иште көркөм текстте туюндурулган көркөм деталдар чоң көмөкчү боло алат.

**Адабияттар**


1. Гальперин И.Р. Интеграция и завершенность текста // Известия АН СССР, сер. лит. и языка, – 1980. – Т.36. – №6. – С. 56-60.
2. Долинин К.А. Лингвосемиотические основы интерпретации прозаического художественного текста (французский язык). Автореф. дис … канд.филол.наук: 10.02. 22. – М., 1989. – 18 с.
3. Колшанский Г.В. Коммуникативная функция и структура языка. – М., 1984. – С. 97.
4. Лотман Ю.М. Структура художественного текста. – М.: Наука, 1970. – 170 с.
5. Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. – Б., 2000. – 268 б.
6. Михалева И. Текст в тексте: психолингвистический анализ. Автореф. дис .. канд. филол. наук: 10.02.01. – М., 1989. – 19 с
7. Москальская О.И. Грамматика текста. – М., 1981. – С. 4-7.
8. Новиков Л.А. Лингвистическое толкование художественного текста. – М.: Русский язык, 1979. – 251 с.
9. Реферовская Е.А. Коммуникативная структура текста. – М.: Наука, 1989. – 130 с.
10. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Б.: Учкун, 1993 – 210 б.


# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛГЕ ОЛУТТУУ МАМИЛЕ КЕРЕК



**Асан АКМАТОВ**

Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында мамлекеттик тилдин бириктирүүчү ролун күчөтүп, мамлекеттик тилди билүү – Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын парзы жана милдети деп ачык айкын таасын көрсөтүлгөн. Тил саясатынын өркүндөтүүнүн улуттук программасы кабыл алынгандан кийин тил боюнча Улуттук комиссиянын иши илгерлей баштады. Өкмөттүк жыйындар, чогулуштар кыргыз тилинде өтө баштаганы, албетте мамлекеттик тилдин-кыргыз тилинин кыр ашып бараткандыгы деп бааласак болот.

Бирок, эгемендик жылдары өлкөбүздө мамлеттик тилди өнүктүрүү боюнча бир топ иш-чаралар, «томпойгон» токтомдор кабыл алынса да мамлекеттик башкарууда, иш кагаздарын жүргүзүүдө, жогорку билим берүү тармагында, кесиптик ишмердикте олуттуу жылыштар болгон эмес. Коомдун кыймылдаткыч күчү, анын өсүп-өнүгүүсүн айгинелеп турган тилибиз саясий, экономикалык, коомдук жана маданий айдыңда негизги байланыш каражаты катары колдонулбай, дале болсо коңулда «коңуруук» тартып жатат.

Мамлекеттик тилде иш кагаздарын алып баруу жасалма түрдө өтүп, айрым атка минген чиновниктер жүр-нарыга салып будамайлап, бурмалап которуп, «мамлекеттик тилди урматтайбыз, кыргыз тилин колдойбуз!» деп, делбетап болгону менен иш жүзүндө кыргызча –орусча опулдаганы өкүндүрөт. Министирликтен баштап майда мекеме-ишкана, уюмдарга баш бакпагын жазган арызыңдан баштап, толтурган иш кагаздарыңдын баары орусча, расмий тил деп, баш мыйзамга берене киргизип, мамлекеттик тилди дагы сындырып, улуттук тилибиздин өсүп-өнүгүшүнө жоон тосмо коюп алдык. Бул жерден орус тилин тумтак жеригендик эмес, кезегинде ал тил менен билимге, дүйнөлүк адабиятка, илимге жетишкенибиз жалган эмес. Орус тилин билбесең «баран», деп айылдык акылдуу жигиттер өз мүдөөсүнө жетпей калган. Ал кездеги мезгил талабы ошого түрткөн. Америка, Япония, Кытай, Германия жана башка өнүккөн мамлекеттердин элдериндей жашайбыз деп төшүбүздү койгулаганыбыз менен алардын жашоо- турмушунун деңгээлине жетүү көптөгөн убакытты талап кылат. Аларда кош тилдүүлүк деген жок. Ошондуктан улуттук аң-сезимибизди ойготуп, улуттук ар-намысыбызга келип,өзүбүздүн менталитетибизге, дилибизге жараша мамлекеттик тил саясатын жүргүзүп, кыргыз тилин бардык жерде колдонуп, күндөлүк турмушубузда бекем орун алдырбасак, кыргыз коому эгерим өнүгө албайт.

Учурда мамлекеттик чиновниктер, бардык кызматкерлер өз милдетин аткаруу үчүн тиешелүү деңгээлде кыргыз тилин билип, кызматка алынууда, кызматынан жогорулоодо жана аттестация учурунда талап кылынуучу жобо так иштеп жатабы ? Арийне, мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзам кагаз жүзүндө каткан бойдон турат. Жогорку бийликтен тартып мамлекеттик кызматкерлер кыргызча «сайрап» турбаса мамлекеттик органдарда кыргыз тили эгерим колдонулбай келатат. Мамлекеттик тилди улуттар аралык байланыш тили катары коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндө колдонуп, кыргыз тилге тарбиялоону үй-бүлөөдөн баштап, андан соң бала бакчадан, мектептин башталгыч класстарында, кесиптик, жогорку билим берүүдө өз эне тилин ардактаганга, сүйүү сезимин ойготконго өзгөчө аракет кылышыбыз керек.

Кыргызстандын келечеги – мамлекеттик тилде. Күндөрдүн бир күнүндө кыргыз тилинди жоготуп алсаң, ошол күнү мамлекетиңди жоготуп алганың. Улутчул, мекенчил кыргыздын чыныгы патриоту болуп, өзүбүздү өзүбүз кадырлап сыйлаган калк болсок мамлекеттик тилде тапатак сүйлөп, иш кагаздарыбызды бала бакчадан баштап бардык тармакта алып баруу учур талабы.




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6 (304)

28 06 2024

kyrgyztili@mail.ru

# АЛЫСКЫ АМЕРИКАДАГЫ ИНИМЕ КАТ

*Саламатсынбы ардактуу иним ! Ал-ахвалың, ден соолугуң жакшыбы ? Аутсайдердеги иштериң ийгиликтүүбү?*

Учурда республикабызда конфронтация, жок, Президенттибиз амбицияга алдырбай улуттук идеологияны ревизиялап авторитардык диктатураны орнотпой, эгемен өлкөбүз стабилдүү өнүгүүнүн жол салып, радикалдуу кадамдарга барууда. Айыл аймактардын, ордо калаабыздын инфраструктурасы бир аз өсүп, инвестицияны тартылууда. Бирок миграция токтобой, инфляцияга жол берилбесе дагы интригалар күчөп, бюджет толгону менен ипотекалык кредиттерди берүү жагы жеткиликтүү болбой жатат. Светтин баасы асмандап баратат. Чек арабыз делимитация болуп, эбак деморкацияланган дегендер азырынча абсурд. Улуттук стратегиясынын өнүгүшү үчүн миллиардаган доллар керек экен. Оппозициялык блоктун реваншист арам демагог ойлору, азыркы бийликти кулатып, майлуу-сүттүү кресолго ээ болуу. Коррупцияга каршы күрөш күч алганы менен, акчасын самандай сапырышкан , азыркы субпассионарный айрым атка минер чиновниктер, мандаттуу депутаттар манчыркап парламенттин кулуарында бийлике панегирист, центристерист, демагог болгондору бар.

Алардын учугу узарган, учу –кыйыры билинбеген убадаларын аткарышабы жокпу посмотрим. Алар ар бир ишке референдум жолу менен барышып, айрым мыйзамдарды ратификациялап, глобальный ойлору менен брифинг уюштура коюшуп, ал боюнча альтернативный сунуш кылып, конфликт түзбөй омоктуу ойлорун өз убагында конфискациялоодо. Фракция түзгөн депутаттарга антипатиям жок, тек гана бийлик менен тандем түзүп, хоббиси шайлоочуларына тез-тез каттап турса. Эйфориялык маанайдагы Жогорку Кеңештин депутаттарынын позициясы альтруисттик ойлордон алыстап, парламенттик шайлоого байланышкан утилитардык кызыкчылыктарын гезиттин интернет порталына, популисттик ойлорун ар турдуу сайттарга комментарийлеп жүрүшөт. Айрым депутаттар жумуртканын кырынан кыйкым таап сенсация жасап, баарын кыйратып салгансып, скандал чыгарып, супермен болгону да бар.

Менин жаман прогнозумда коалиция түзүшкөн радикалдуу оппозиция бийлик башындагыларга «импичмент жарыялайбыз!» деп пикет, митинг уюштура коюшса, анысы суу кечпейт, ар кандай дебаттарга чыгып, реванш албай плюрализм ойлору менен легитимдүү консолидация түзүү зарыл.

"Элде жүргөн эл тааныйт, кырда жүргөн кыр тааныйт",- «Өткөн өмүр, өчкөн көмүр» дегендей өзүм жүрөм, баягы турмуш, баягы жумуш. Притчага ишенбей арендага жер иштетип, киреше таап чардайын десем, үрөн, бензин, солярка дегендерди айыл өкмөттүн башчылары менен жең ичинен сүйлөшүп алсам аудит текшерип калса афёрам чыгып, аурам талкаланат. Казино, сауна дегенден алыстап, ломбардга кайрылбай махинация жасап, мафияга кошулбай, ар ким менен конфликт түзбөй өткөнгө ностальгия кылып жүрмөй. Промблемаларымды айта бербей прогрессивдүү, позитивный көз караш менен фермер же рекламный менеджер, маркетинг, супервайзер, мерчендайзер, дизайнер, брокер, маклер болуп иштесем престижим, рейтингим көтөрүлөт беле ? Негедир кайрадан ал ой дүйнөмдү ревизиялап, айрым аутсайдер, госконцерн, АО, ОАО, ОсООлор менен контракт түзүп, тендерге катышып, азыркынын нувориши болоюн деп кайра ал банальный оюмдан кайтып турам. Трайбалисттик, протекциялык жол менен барбай, менталитеттимди сактап, айрым притчага ишенбей бюджеттин көзүн карабай лицензия алып, жеке фирма, концерн, кооператив ачайын десем үй бүлөм тарабынан квота жетпей калды. Төрт тоогума декларацияны өз убагында тапшырдым.

Мезгилге «адаптациялаnып», департаментке, мэрияга барып, акция сатып алып, абсолютный чындыкты айтып, мизантроп болбой, карьера жасайын десем, чоң чиновниктер ал жүрүшүмө вето коюп салды.

Де-юре болуп тантырабай де-фактону айтсам, азыркы бийликке антипатиям, анонимный билдирүүлөрүм деле жок. Эгер «Адам укугу» деген привелегиямды анулировать этишсе судебный инстанцияларга апелляция жазып, кассационный арыз менен салпактап жүрбөйүн, ошондуктан ва-банкка барбайм.

Финалда айтарым, кыргыз тили мамлекеттик тил катары кабыл алынганы ушинтип кыргызча тапатак сайрап калган чак! Пессимисттик ойлорго берилбей, улуттук менталитетимен ажырабай панегирист болбой, мамлекеттик кыргыз тилимди династия менен өткөрбосөм балдарым дискредитация жарыялап жибериши мүмкүн. Деги тилиме тибиртке чыкпаса экен ! Ну ладно, пока !

**Саламым менен Асан Агаң**



# Куш келипсиз!

*(Уландысы. Башы 3-бетте)*

Конок илгертен ушул күнгө чейин кыргыздын сыйлуу адамы, ыйык адамы. Конокко кыргыз каткан тамактарын, сүрсүгөн эттерин алып чыгып салат. Күн келсе - күн, түн келсе - түн, үй ээси коноктун атын отко коюп, өзүнүн курсагын тойгузуп, эртең менен анан жөн-жайын сурайт. Балким, бул адам - «Кыдыр бабамдыр»? Балким, качып келаткан бир хандын уулудур? Балким, атактуу уурудур? Бирок, жолоочу катары, конок катары ал кабыл. Кыргызды билген эл - анын салтын билет. Ошол үчүн кыргыз ким келсе да: «Куш келипсиз!» деп тосуп алат. Бул сөздү уккан ууру да уурулук кыла албайт. Бул сөздө табышмактуу сыр, улуу күч бар. «Сыйга - сый, сыр аякка - бал». Кыргыз: «Бир жолу даам сызган жериңе миң жолу салам айт» дейт. Бул байыркы улуу маданият. Башка элдерде мындай салт жок.

Жогорку ойлордон улам бир уламыш эске түшөт. Илгери бир улуу каган, алдан-күчтөн тайып карыганда, эсепсиз байлыгын жана чексиз бийлигин үч уулуна бөлүштүрүп мураска калтырыптыр. Бирок, байлыгын үчкө бөлбөстөн, төрткө бөлүптүр. Ошондо таң калышкан үч уулу сураптыр: «Ата, биз - үчөөбүз, а сиз байлыгыңызды төрткө бөлдүңүз, төртүнчүсү - кимге?» Анда улуу каган: «Төртүнчүсү – коноктун, жолоочунун ырыскысы деп жооп берет. Анан: «Мындан кийин силер да балдарыңарга байлыгыңарды жана бийлигиңерди бөлүштүргөндө, ушул салтты сактагыла» дейт. Ошол замандан тартып, ошол улуу кагандын урпактары түпкү Бабанын айтканын салт кылып, «байлыктын бир бөлүгү жолоочунун ырыскысы» деп эсептеп келишет. Сандыкка салынган карын-карын сары майлар менен сүрсүгөн эттер- ал жолоочунун ырыскысы. Бөлөк элдер жакшы тамактарын өздөрү жешет, ал эми кыргыз жакшы тамагын конокко сактап, мейманга берет.

Анан ушундай улуу салты бар эл, конокту тосуп алганда жана конокту узатканда айтчу сөздөрүн ирандан же өзбектерден "өздөштүрүп алган" деген сөз - ал бери болгондо эле кулкү келерлик нерсе. Анткени: «Куш келипсиз!» деп конокту ушинтип «Куш элинин» урпактары гана тосуп алышкан. Анан бул салт башка элдерге тараган. Бирок алар «куш» жана «кош» деген «бир сөз» деп ойлоп, анан анын "жакшы" деген маанисин үстүртөн түшүнгөн бойдон гана сактап калышкан. А чынында алардын түпкү маанилери өтө терең жана экөө эки башка сөз.

***

Умай эненин символу – куш, тамгасы – "жагалмай тамга". Мындан: аял – куш сыяктуу "келгин" жаныбар экенин билүүгө болот. Ошол үчүн жигит үйлөнгөндө, ага карата:

"Куш бооң бек болсун!" деген сөздү айтышкан. Ал эми кызга карап:

"Конгон тууруң кут болсун!" дешкен.

Демек, жигиттин "куш боосу бек болсо – келин кетпейт", келиндин "конгон тууру кут болсо" – эри таштабайт. Демек, эркек – туур, аял – куш. Ошентип, биздин ата-бабалар "куш" деген сөздү "келген" адамга айтышкан. "Келин" деген сөздүн өзү да "келгин" деген сөздөн келип чыкканын аңдоо кыйын эмес.

Жаз – жакшылыкты, жаңылыкты, күндүн нурун, табиятка жаныланууну алып келген мезгил. Жазда келгин куштар учуп келишет. Келин да келген үйгө жакшылык, жаңылык, жылуулук алып келет. Мында да куш менен келиндин келиши жаз менен салыштырылат. Балким ошол үчүн Умай энебиздин тамгасы – жагалмай тамга болгондур?

Кыргыздын эң сыйлуу адамы – конок. Ал да келгин адам. Келгин адам жаңылык апкелет, кабар алып келет. Ошол үчүн келген адамга карата кыргыз: "Куш келипсиз!" деп айткан. Кетип бара жатканда: "Жакшы барыңыз, же "ак жол", "жолуңуз шыдыр, жолдошуңуз кыдыр болсун!" дешкен. Кетип бараткан адам: "Кайыр кош! Же: "Кош калыңыздар, көрүшкөнчө аман-эсен болуңуздар!" деген.

Кыргыз түшүнүгүндө адам да – келгин. Ал бул дүйнөгө убактылуу жашоо үчүн келет. Ошол үчүн кыска өмүрдө бири-бирибизди сыйлап, урматтап өтөлү дешкен карылар. Биз баарыбыз бул дүйнөгө убактылуу келген конокпуз дешкен кыргыздар. Биз ата-бабаларыбыз конгон жерге конобуз. Ошондуктан Ата журт – алтын туур. Аны ардактап алып жүрүү – биздин өзүбүздөн.

Кээ бир адамдардын айткандары боюнча "Куш келипсиз!" деген сөз өзбекче айтылган сөз имиш. Анын кыргызча айтылышы – "Кош келиңиз!" имиш. Бул туура эмес. Анткени, биринчиден, өзбектер: "куш" дебейт, "хуш" дейт, мааниси "жакшы" дегенди билдирет. Экинчиден, аларда да "кош" деген сөз бар, бирок, ал сөздү да өзбектер "х" тыбышы менен "хош" деп айтышат. Ошентип, өзбек туугандар учурашып жатышканда - "хуш" деген сөздү, ажырашып жатышканда "хош" деген сөздү колдонушат.

ДНК илиминин маалыматтары боюнча, биздин каныбызда 65% арий ата-бабаларыбыздын гени сакталган. Андай болсо, эмне үчүн 65% биздин тилибизде ата-бабаларыбыздын сөздөрү сакталышы мүмкүн эмес? Дал ушул маалыматтын өзү биздин тилибиздеги "Иран тилинен кирген сөздөр" деген калпыс термин, ал чынында, өзүбүздүн эле арий ата-бабаларыбыздан бери мурас болуп, айтылып келаткан сөздөр экенин билдирет. Андай болсо, биздин арий ата-бабалардан калган сөздү, биз кандайча алардан (иран же өзбек?..) үйрөнүп калабыз?

Кээде мага эмнегедир бизди тилди атайын бузуп жаткан кандайдыр бир арам ойлуу агымдар бар сыяктанып сезилет?..

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6 (304)
28 06 2024

kyrgyztili@mail.ru

# Периштелүү проза



**Абдиламит МАТИСАКОВ,**
**Кыргыз эл жазуучусу**

*Азыркы айтылуу аңгемечилердин ана башында жүргөн, накта нават шире сөз чебери Мамат Сабыровдун "Ынак" аттуу жаңы китеби басмадан чыкты! "Кут болсун" айтып карап турмак белек. Биз дагы мына эмесе деп небак жазылып, жан куржунда жүргөн таланттуу инибиздин мурунку "Акыркы сапар" китеби жөнүндө жазганыбызды алып чыктык.*

***

Азыр эстесем, жазуучу Мамат Сабыровдун жаңы китеби колума тийгенде Ысык-Атага, бээнин сүтүн ичкенге жөнөп аткам. Китепти өзүм менен кошо ала кеттим. Он күнчө бирге болду…

Элдин билбегени жок, бээнин сүтүн жылуусунда ичели деп бир тобубуз күндө желенин түбүн сагалайбыз. Баарынын колунда курсагына чактап тапкан куружкасы бар. А мен колтугума Маматтын китебин кошо кысып алгам. Өзүңүз билесиз, кыргыз бошой калды, эрмек издейт. Саясаттын узун-туурасын жоно берип жадаштыбы, "бу сиз менен тоого чейин келген кайсы китеп?" дешип асилдешип суроо узатышты. "Мамат Сабыровдун жаңы чыккан китеби" десем, ичкен сүтү ичеги ылдый кулдурап-чулдурап бараткан кыкемдер жамбаштап жаткан бойлорун түзөй калышты.

Тээ Таш-Көмүрдөн бери сүттөн-сүт тандап, акыры ушул жерге келип токтогон Асанбек абага карап: "Асаке, Мурза Гапаров, Кубат Жусубалиев деген жазуучуларды уккан белеңиз?" десем, "угушун угуп жүрөм, бирок китептерин окубапмын, болгонун болгондой айтыш керек да…" деп чекелей берди эле, "ээ, анда көп нерседен кур калыпсыз" дедим тамашага чалып. «Эй ука, сен дагы кызык экенсиң, биз китеп окуп отуруп алсак, малыбызды ким багат?!» Мен түшүндүм, кепти көбөйтпөдүм…

Жанагы мен айткан беш салаа менен саналган жазуучулардын экөөсү жөнүндө, алардын чыгармачылыгы тууралуу кеп баштап, Мамат Сабыров ошолорду устат тутуп жолун улаган калемгер экенин, экинчи жагы мага ини болоорун айтсам, бир-экөө "жакшы жазса укаңыздын китебин каяктан тапсак болот?" деп калды. Сүт ичип жаткандардын бул сөзү мага жакты…

Күн сайын китептен бирден-экиден аңгеме окуйм. Андан ашырбайм. Он күндө "Акыркы сапардын" аягына чыктым…

"Пүлгөндүн шамалы" жаңылбасам, жазуучунун экинчи повести. Чыгармада журналисттик кесипке ээ болгон Мухтар жумуш издеп, жолу болбой түштүктү түрө кыдырат. Иш издеп жүрүп, жолуккан, сүйлөшкөн адамдардын кыял-жоруктары, түркүн тагдыры кызыктуу жазылган. Окуп бараткında кыргыз аңгемесинин классиги М.Гапаровдун "Кыштакча" повести эске түшөт. Элет адамдарынын муң-зарлуу, ары юморлуу жашоо үзүмдөрү карегиңде калып, көңүлүңө уюйт. М.Сабыровду айырмалап турган касиет чактап жазганы, көлөм кубалабаганы. Повестти окуп баратып, улам азайып бараткан беттерине ичиң ачышат… "Акыркы сапар" аңгемесинин аталышы китепке ыроологонуна караганда жазуучунун ишенген чыгармасыбы деген ой келет. Ошондой эле экен!

Аңгемеде айтылуу Полотхан кадимки Кокон хандыгын башкарып, кийин-соңу тагынан тайып, дүйнөсү тарып тагдыр жазмышынын коон тилигиндей күндөрүн жан дүйнөнү титиреткен абалга жеткире сүрөттөйт. Доорунун, мезгил жүзүн өз боёгу менен элестүү берет. Полот хандын дарга түбүндө ажалга тике караган эрдигин жазган чебер сүрөткердин калеми тарыхый чоң темага талпынып тургандай. Аны "Зындан" аттуу аңгемеси да тастыктап турат. Өз кезегинде ата-бабалардын жердеги агып кеткен заман-доорлорун кагаз бетине түшүрсөк деп армандаган залкар акын агабыз Жолон Мамытов минтип жазып атпайбы:

*"Айланып өтүп жатат чиркин дүйнө,*
*Көзүмдөн тегеренип алабула.*
*Батырам кантип гана бул күндөрдү.*
*Сыядай сыгып алып барагыма"* – деп жүрөгүн тилдирип, анан "…ким ырдайт өткөн күнүн бабалардын?!" дептир. Каңырыгы түтөгөн кайран Жокем бизге чоң суроону таштап кетиптир…

Маматты байкасам, бармактайынан эле адамга ынак, сөзгө куйма кулак, кызык адамдардын кулк-мүнөзүн аңдап чоңойгон экен. Ал көп чыгармаларында турмуштун миң-сан кырын, түмөн сырын, замандын кыйма-чийме салаасынан келди-кетти өмүрдүн ызасын да, кубанычын да ийне көзүнөн өткөзүп жазганга ыраса бышыптыр. Алсак, Ак Үйдүн алдында ("Атамды бошоткула!") деген плакат көтөргөн Алымкан, карыз менен кредит желесинен чыга албай жанталпаз болгон, өз өмүрүн кыйгысы келген каарман баяны ("Табылга"), көр оокат буйткасына камалган Кемелдин ("Макен байке") арасат учурунда көзүн ачкан Макен байкенин кайталангыс бейнеси бүгүнкү ыйман тайыздаган маалда айрыкча актуалдуу экенин, өз айылына келип адамдардын ("Көк пакет") пейил-куюн көрүп ичинен сызган Ашыр, кезегинде түштүгүнө жорго минип, кийин оомал-төкмөл заманда Кудайдын бир момуну болуп акыретке узаган Жамалбек ("Карыз"), Меккеге мойнуна көтөрүп барып парзынан кутулууну кыялданган каармандын өлүмгө кайыл болуп калган атасы менен аргасы жок коштошкон жери ("Көкөй кести"), философиялык кайрыктары муун-жүүнүңүздү какшатат-ов!

Жазуучу жөнөкөй чындыкты поэтикалуу кудурет-күч менен сезимине уютуп, каармандарды туруш-турпаты менен говор-күүсүн бузбай бергенге өтө маш. Аңгемелеринин "сылтыган" жерин көрө албадым. "Арзыкан", "Келин гүл", "Жазгүл", "Күйүт" аңгемелери өзөктөш. Сүйүү таасири жүздөп, миңдеп жазылса да жаңы боёктору ачыла берет го. Анын сыңары, жогорудагы чыгармалар өзүнүн ыры, өзүнүн шору менен, жаңы күтүлбөстүктөрү менен кызык. Ал эми "Төкөлдөш, Тэцуо жана Назира апай" аттуу аңгемесине кадимкидей суктанасың. М. Сабыров тээ илгери баштан кечирген күндөрүн да кунарын кетирбей акыл кесесинде сактап, аны дайыма "уучтап" жүргөнү ыраазы кылат. Шол мезгилди обон-күүсүнө чейин оймолоп кагазга түшүрсө кечээ-бүгүн болгондой таасири бир керемет!

Мамат – стилин тапкан жазуучу. Идеясын өз кайрыгы менен кештелеп, окуганды эриктирбейт. Диалог түзгөнгө өзгөчө уста. Каармандардын "үндөрү" угулуп турат. Психологиясын көөрүк баскандай көлкүтүп, кайталангыс баяндоо ыкмасы окугандын ышкысын козгойт. Чыгарманын аягына чыгып, кыйлага "дем аласың", ойго чөгөсүң. Тегерек-четке көз чаптырып, сага көрүнгөн турмуштан бөлөк дагы бир жашоо-турмуш бар экенин туюп, тунжурайсың… Бул таланттын күчү!

Мамат Сабыров жазып жатып калем тизгинин колдон чыгарбайт. Ал сөзгө сараң, көлөмгө сараң. Аны Чеховдон үйрөнгөн, Гапаровдон үйрөнгөн… Сөздү барктаган калемгер. Дүйнөлүк улуу ойчулдардын сөз берметтерин, учкул сөздөрүнөн турган "Кеменгер кеп" аттуу афоризмдер жыйнагын түзүп, жылда жаңылап басмадан чыгарат. Ал кыргыз элинин колдон түшпөс таберигине айланды. Жыйырма миң нускада жарык көрүп жаткан элдик "Жетиген" журналына сандан-санга жарыяланып келүүдө.

Көп эмгектенүү — бул тытынып жазуу деген кеп эмес. Кээ бир учурда өзүнчө толгонуп, изденип жүргөнү менен ишибиз жок, "кийинки мезгилде жазбай кетти" деп кейип-кепчип, наалып калабыз. Аз жазгандарды шаштырыштын кереги жок, алардын жүрөк кумарына салып, кушкер жазганын күтүш керек. Көркөм өнөрдүн саябанын салкындаган бир чындык бар, ал сан эмес, сапат! "Чыныгы жазуучу жазам деп жазбайт, жазбай коё албаганынан жазат» (Бунин). Ошол калемдин жазганын окурман күтөт, жүрөгү каалап зарыгып күтөт. Ошол күтүлүп окулган жазуучулардын сап башында Мамат Сабыров иним да бар экенине сыймыктанам. Бар бол, асыл ойдун, периштелүү прозанын жаратманы!



# Соң –Көл, сага баратам (эссе)



**Мамат САБЫРОВ**

*“Өтүгүңдүн өкчөсү,*
*Көл көрүнөт беш көкүл.*
*Сиз алыста мен мында,*
*Экөөвүздүн ортовуз*
*Жыл көрүнөт беш көкүл”*
**(Ичкилик кыргыздардын ашыглык ырларынан)**

Биз Кара-Үңкүр капчыгайынын Соң-Көлгө бурулган жеринде машина күтүп турдук. Жетөгүздүк Жаналы экөөбүз турабыз, ал эми Таалайбек болсо балык кармаганга курт издеп жүрөт. Алагүк дейби, же алакурт дейби, айтор, кайырмакка ошону илсе балык жакшы түшөт имиш. Соң-Көл сапарынын уюштуруучусу да, биздин үч адамдан турган студенттик экспедициянын жетекчиси да ушул Такем. Ал өзү нарындык, томуктай кезинен төө минип, төө багып чоңоюптур. Эми Желмаяндын тукуму тууралуу айтып отурса, өзүнчө эле жомок! ”Адам баласы бечел болот. Анан төө баласы бечел болот. Туулганда эки-үч күн кармап, жөлөп-таяп эмизесиң, сары май берип оозантасың. Колхоз каймак майларды пачка-пачка кылып алып келип берет. Соң-Көлгө жетпей Мейки деген жайлоо бар(теке жайлоо). Көбүргөн көп. Төө көбүргөндү аябай жейт. 1000 чакты төөнү ошол жерге алпарып, кое беребиз. Анда -санда туз алпарып салып турабыз. Төөнү минип, бир фляга кымызды байлап алып жакага түшчүмүн. Эртеси эки кап туз артып алып саат ондордо кайра жайлоого жөнөйм. Себеби, туз керек да. Төөнүн акылдуулугун карабайсыңарбы. Мени көргөндө соксоктоп чуркап келишет. Башы менен ургулап…Мен капты чечкенче беш жүздөй төө жыйналып калчу. Эптеп төгүп бүткөндө туз да жок калат. Бирден бирден сугунса эле түгөнөт. Төө кышында кирет. Катуу кирген бууралар машинаны сүзөт да. Жөөлөп, качырат” дейт. Анан дагы “Соң-Көлдүн жаратылышы бир керемет дейт. Бир күндө төрт мезгилди көрөсүң. Чайыттай ачык турган күн заматта эле бузулуп, жамгыр жаап кирет, анан эле ал карга айланып кетет. Кээде туруп катуу шамал согот, боз үйдү учуруп кетпесин деп желбоонун жибин эки-үчөөбүз кармап отурган күндөрүбүз болот” дейт. Анан дагы “Жылдыз Көл деген бар. Күндүзү, же түндөсү бийик жерге чыгып карасаң ондогон кичинекей көлмөлөр күндүн, айдын нуруна чагылышып, жалт-жулт этип, кудум эле жылдыз болуп көрүнөт” дейт. “Соң-Көл мындай караганда жакын эле болуп көрүнөт, бирок, бет алып жөнөгөндө жетиш кыйын” дейт. ”Кете бересиң, кете бересиң, көл болсо кудум сенден качып баркандай улам алыстай берет” дейт. ”Адегенде камыштуу саз башталып, каз-өрдөктөрдүн каркылдаган үндөрү угулат. Анан көл башталат” дейт. ”Шамал катуу сокkondo көл толкуп, балыктарды жээке ыргытып салат. Андай күндөрү таң үрөң-баранда атчан жөнөп калабыз. Бирок, канчалык эрте барсак да бизден озунуп, чардак жеп кеткен болот. Жээктен балыктардын башы менен терисин гана табабыз”, - дейт.

Айтор, Такем айта берип, айта берип, Жаналы экөөбүздүн көз алдыбызга бирде Аляканын, бирде Ямайканын элесин тартып, бир көргөнгө куштар кылып койгон. Бирок, Соң-Көлгө чукулунан атtanып калганыбызга менин сүйгөн кызым Динар себеп болду. Ал медициналык окуу жайында сессиясын эчак тапшырып, Соң-Көлдөгү эжесине кол кабыш кылганы кетээр замат мен да делгирип, артынан баргым келип калды. Ал Соң-Көлдүн бир жеринде уй саап, бээң саап жүргөнүн, ушул бойдон күзгө чукул гана келээрин ойлогонумда таң атпайт да, күн батпайт. Ар бир күнүм жылга айлана баштады.

Булбул неге түнү бою көз ирмебей таңшып чыгарын эми түшүндүм. Күкүк неге сыздап чыгарын эми түшүндүм. Алардын баарын ырдаткан, ыйлаткан махабаттын дарди турбайбы көрсө. Бир жерден окудум эле. Илгери мен сыяктуу бир жигиттин сүйгөн кызы жем-чөптөрү түгөнүп, малдары арыктап, жайлоого эрте көчүп кетиптир.Тиги жигит да көчөлү десе атасы “Беш тогоол өтпөй бел чечпейт балам, жазды кабарлаган жарчы чымчык али келе элек, кар жаап салышы мүмкүн” деп макул болбойт.

*(Уландысы 15-бетте)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6 (304)
28 06 2024
kyrgyztili@mail.ru

ИНСТАГРАМ: @TILIMPOZ

tilimpoz

# Катасыз кыргыз тили

 

намекать эт – четин чыгар, кыйыт
угорать этип жатат – каткырып жатат, күлүп жатат
звантет – чал
пытатся эт – аракет кыл
менять этпе – алмаштырба
принять эт – кабыл ал
мещать этпе – тоскоол болбо
отвлекать этпе – алаксытпа
переживать этпе – кабатыр болбо!
отправлять эт – жөнөт
гулять эт – сейилде



---



сдача берип коёсузбу? – кайтарып берип коёсузбу?
скачать этип койдум – жүктөп алып койдум.
сизде мелоч барбы? – сизде майда(тыйын) барбы?
копировать этип алдым – көчүрүп алдым.
мага срочно керек – мага тез арада керек.
муну удалить этип салчы – муну өчүрүп салчы.
свет өчүп калды – жарык өчүп калды
ал вечно кечигет – ал дайыма кечигет

---

хронический – өнөкөт
потенциал – дарамет
приоритет – артыкчылык
кардинально – түп-тамырынан
пробный – сынамык
конкурент – атаандаш




ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6 (304)
28 06 2024

kyrgyztili@mail.ru



Каныбек ЖУНУШЕВ,
Кыргыз Эл акыны.

# Балдар үчүн



## Жоош баладай

*Он жашка чыккан балаты*
*Отурат жоош баладай.*
*Канча жашка чыкты экен,*
*Чоң атасы карагай?...*

## Өңүндөй

*Мөңгүдөн жылжып аккан суу,*
*Менин күрмө жеңимдей.*
*Асканын бети бүт бырыш...*
*Чоң атамдын өңүндөй.*

## Чоор тартып

*Чоң кишини көрдүм мен*
*Чоор тартып ыйлаган.*
*Ушундай да болобу,*
*Ыйлап жатып ырдаган?...*

## Күлүп өттү

*Чоң атамдын эң эски,*
*Кийиминин жаңы төрөсү.*
*Көк сандыкта сакталуу,*
*Кементай менен көлөшү.*

*Көзүн жумаар алдында,*
*Көлөшүн салып бутуна*
*Көрүнгүсү келген эле,*
*Көчөгө чыгып журтуна.*

*Кандым көңдүм адаты:*
*Кадамын шилтей бергенде,*
*Жылдызы өчүп көзүнөн*
*Жыгылып түштү эмнеге?...*

*Учкан жаны билинбей*
*Уурттунан атам жылмайып,*
*Жүрөктүн күчтүү демиби…*
*Жүзүнөн турду нур жанып.*

*Айылга сиңген эмгеги!*
*Адилет дилде сүйлөгөн.*
*Күйүтү эч билинбей*
*Күлүп өттү дүйнөдөн!*

## Карышкыр

*Туулганда коюлган,*
*Туура атым карышкыр!*
*Кокустан калсам ырылдап...*
*Кокуй, менден алыс тур!*

*Кардым өлө ачканда,*
*Карды кечем тушардан.*
*Бирок корком көргөндө,*
*Папуросту кызарган...*

*Тамекинин жытына,*
*Чыдабай мурдум чүрүшөт.*
*Оозуна неге адамдар,*
*От күйгүзүп жүрүшөт?..*

## Диета карман

*Карышкыр түшүп капканга*
*Карышып ачка жатканда,*
*Капыстан түлкү жолукту:*
*Арыктапсың аябай,*
*Турчу элең го торсоюп,*
*Десе айтты карышкыр:*
*– диетага түшүп мен*
*Жебей калгам кой союп.*

## Саат

*Күнү-түнү бир тынбай*
*Саат чык-чык дей берет.*
*Ачка болгон немедей*
*Убакытты жей берет.*

## Мык

*Башка балта тиймейин*
*Эч бир жерге кирбеймин.*
*Араага окшоп дайынсыз,*
*“арсалаңдап” Күлбөймүн.*

## Бурама

*Атым менин “бурама”.*
*Ахыбалым сураба.*
*Тетири бурап алыша...*
*Мен эле тартам убара.*

## Ийне

*Илгертеден белгилүү*
*Ийненин шикер өнөрү.*
*Өмүрү кийим тиксе да*
*Өзүнүн жок көйнөгү.*

## Темене

*Байкем болот темене*
*Толгон-токой иштери-*
*Меникиндей көп эле.*
*Жетишпей ал калганда*
*Калган-каткан жумушун*
*Бүтүрүп койом мен эле.*

## Бульдозер

*Мактоо сөздөр чынында*
*Мага дайым айтылат.*
*Өңгүл-дөңгүл жерди мен*
*Түзөтөмүн аркырап.*

*Тоголонбой, кулабай*
*Тоо боорунда барамын.*
*Жолду болсо өзүмө, –*
*Өзүм салып аламын*

## Шашпай эле

*Мышык айтат: - шитебей*
*Кантип чыдап турамын.*
*Чычкандарды кайтарып*
*Иштей турган убагым.*
*Пенсияга буюрса*
*Шашпай эле чыгамын!*

## Ким болду экен?

*Марста да жашоо бар экен,*
*Агарган өңү – кар экен.*
*Сүрөтү тиги биз көргөн*
*Жашап калган чал экен...*

## Улуту ким билбедик

*Немис, инди, арапбы?...*
*Кыргыз болсо деди аткургнам*
*– сарбагыш, мундуз, саякбы?..*

## Кантип батып

*Тээ тоодогу боз үйлөр*
*Жумурткадай кичине.*
*Жашап жаттык болду экен,*
*Кантип батып ичине?...*

*Апаппакай боз үйдүн*
*Бери-бери жагында,*
*Учуп жүрөт ийнелик,*
*Өзүмдүн эле жанымда...*

## Уялып кетем

**(калп)**

*Салмактуу боло баштайсың,*
*Өөдөлөсө жаш улам.*
*Калп айтканды түк билбейм,*
*Бала кез, тээ жашымдан.*

*Бирок түшөт кээде ойго,*
*Эмне иштеп, эмне койгонум.*
*Эсимде турат бир курдай,*
*Дөө кулагын чойгонум.*

*Менден коркуп ал байкуш,*
*Жалгыз көзү алактап,*
*Этек-жеңи жайылып*
*Качып кеткен далактап.*

*Ар кандай болот окуя,*
*Азыр да бирин эстедим.*
*Уялгандан кайра аны*
*Келбей кетет эстегим...*

*Кабыгын аарчып тазалап,*
*Бышырсам сайдын ташынан,*
*Күйгүзүп куурул алыпмын*
*Тажрыйбамдын азынан...*

*Мергенчилер жеп көрүп,*
*Айтышты: - таттуу аш экен.*
*А бирок бир кемчили,*
*Сарымсак, тузу аз экен.*

*Осол иш кылып коюпмун,*
*Ошондо эң аз туз салып.*
*Аны эстесем азыр да*
*Уялып кетем кызарып...*
*Бир үй-бүлө курганга*
*Эсепти бирге чыгарып,*
*Эшекти бирге сугарып,*
*Эртең менен келебиз*
*Экиден чака суу алып.*

*Отунду бирге алабыз*
*Окууга бирге барабыз.*
*Окшошпуз бардык жагынан*
*Ойлогон ой, санаабыз.*

*Ысык досум экөөбүз*
*Ынак жанбыз өтө биз.*
*Чоң окууга буюрса*
*Чогуу барып өтөбүз.*

*Жан досум менен кыйышпас*
*Жашаган бирге жыргал да!*
*Бирок кийин болбостур*
*Бир үй-бүлө курганга?..*



ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

# КЫРГЫЗ ЖАШТАРЫН КАНТИП КЫРГЫЗЧА СҮЙЛӨТӨБҮЗ?



Орозалы кызы Чолпон

*Жазуу-сызуусу жок мезгилде беш жүз миң саптан ашык «Манас» эпосун көкүрөгүнө түйүп, кыйын күндөр башынан өтсө да өзүнүн үрп-адат, каада-салтын, тилин өлчөмүнөн кемитпей, урпактарына жеткире алган улут кайсы? Бул албетте, кыргыздар. Мына ушул улуу элдин азыркы урпактары ата-бабаларыбыздын үмүтүн актадык деп айта алабызбы? Жок! Союздун учурунда саясат баарын бурмалап, тилибизди өнүктүрүүгө кедергисин тийгизди - деп актанып калабыз. Союз ыдырап, өз алдыбызча Эгемендүү мамлекет болгонубузга отуз жылдын жүзү болду. Кана, ошол отуз жылдын ичинде тилибизге көңүл буруп, көтөрүп жибергенибиз?*

*Кыргыздын тили - шаар тургай,*
*Кыштактын өзүндө да,*
*Кыркылып жатат дале канаттары* –деп Шабдан Сулайманов жазгандай, азыр деле орус тилге болгон талап абдан жогору. Жети жашка чейин кыргызча тарбияланганына карабай, «Эптеп орус класска киргизсем, балам ошондо окуса келечекте кыйналбайт эле»-деген ата-энелер четтен чыгат.Мына ошондой эңсөө-каалоолордун негизинде, орус мектепте тарбияланып ата-салтын, мурасын жакшылап аңдап билбей, «Мен сени сүйөм- Кыргызстан»-деп жүрөктөн чыккан сөзүн кыргызча айта албаган балдар жыл санап азаймак тургай көбөйүп барат.

*Бурмаладык тилди деп кантип айтам,*
*Бабалардын байыркы арбагына –деп*
белгилүү акын Алтынбек Исмаилов чебелектейт. Бабалардын арбагынан башыбызды жерге салып кутулсак, келечек муун урпактарга эмне дейбиз? Өзүбүз өз тилибизди чанып, өзгө тилде сүйлөшүп жатсак, элибиздин нарк-насилин ыйык тутуп, тилиңерди сүйгүлө деп кичүүлөргө акыл айтканыбыз арык аттап, суу кечпейт да. Жаштар деп күнөөнүн баарын жаштарга оодара салуу да туура эмес. Өткөндө ооруканага кан тапшыруу үчүн кезекке турайын деп «Ким акыркы»-десем, «Мен»-деди бир аял. «Анда сизден кийин мен болоюн»-деп туруп калдым. Ошол жерде кезек күтүп турган орто жаштан ашып калган кыргыз аял мени карап мыскылдуу жылмайды. «Эмнеге күлдүңүз?» десем, «көргөн жоксуңбу, ал аял орус болуп турбайбы?» дейт. «Ар ким өз каалагандай сүйлөйт да, эже» дедим бир аз жиним келе.

Сабак өтүп жаткан агайыбыз: «Кыргыз тили кылымдарды карыткан байыркы тил, өз тилиңерди сүйгүлө, кыргыз тилинде сүйлөгүлө» деп бизге акылнасаатын айтып отуруп, бир топтон кийин сөз арасында «азыркы балдар абдан зээндүү, зирек. Жакшы окубасаңар уят болосуңар. Неберем орус бала бакчага барат да, эмитен папа, мамалап тыкылдап суроо берип, аларды мукактантат» дейт. Демек агай кыргыз тилине өзү да кайдигер. Болбосо небересине уул-келинин папа, мамалатпай, «ата, апа» дедиртип эле чоңойтпойбу. Чоң нерсенин баары майдадан башталат да. Психологиядан сабак берген эжейибиз «мен бир чоң нерсени байкадым, «мама» деп айтканга караганда «апа» деп кайрылган таасирдүү да, жакын да сезилет экен. «Апа» дегенде эне менен баланын ортосундагы көрүнбөгөн энергия тартылышып, бири-бирине болгон сүйүүсү бекемделет экен» дейт. Ошондуктан өзгөчө жаштар балдарын кичинесинен «ата, апа» дегенге көндүргөнү жакшы.

Коомдук жайлардан орусча сүйлөшүп, шаркташып бара жаткан кыргыз жаштарын көргөндө, «Аай, буларга эми канча эмгек жумшаган менен кыргызча сүйлөбөйт го» деп кейип калам. Бир журналист борборубуздун көчөлөрүндө «Бөкөмбаев ким болгон?» деген суроонун тегерегинде сурамжылоо жүргүзүптүр. «Бакамбаев, билбейм» деп айрымдар баш чайкап, кээ бири ырчы же акын десе, бир жигит «Бакамбай деген киши мамлекеттик, саясий ишмер болгон болуш керек. Эми алар эски кишилер да, аларды билүүнүн көп деле кажети жок» дептир расмий тил менен. Анда «Өткөндү билбей, келечекке баралбайбыз» деген учкул сөздү жокко чыгарабызбы? Айрым студенттерден «кайда окуйсуң?» деп сурап калсаң, «Арабаевада» деп жооп беришет. Ал Бейшеналиева же Күмүшалиева сыяктуу айым эмес да. Кээ бирлер муну этибарга алышпайт, бирок мага абдан эле жагымсыз угулат. Айрымдар «бул эмне эле орус тилдүүлөргө асылып калды, ар ким өзү каалаган тилде сүйлөөгө укуктуу да» деши мүмкүн. Туура, биз адамдардын укугун чектей албайбыз. Каалайбы өзү жактырган бала бакчага барсын, өзү самап эңсеген мектебинде окусун, каалаган чет тилдерин үйрөнсүн. Бирок Кыргызстанда жашап туруп, айрыкча кыргыз жаштарынын кыргызча билбегени уят! Өз тилиңе өзүң күйбөсөң, башка бирөө күймөк беле. Өзүбүздүн каада-салтыбызды жерип, тилибизди чанып, «өз агасын агалай албаган, өзгө агасын сагалайт» болуп жүрсөк, жаман үйдүн коногу бийлейт болбойбу.

Учурда мен Озёрный орто мектебинде орус класстардын кыргыз тилчи мугалими болуп эмгектенем. Биринчи класста окуган кыз дайыма үй тапшырмасын аткарып келбейт. Бир күнү эмнеге аткарып келбейсиң?-десем, «Атам эмне кереги бар кыргыз тилдин, кереги тийбегенден кийин деди»-дейт. Бул балага туура эмес тарбия да. Тигил жагын, бул жагын айтып кыргыз тилинин пайдасын жакшы эле түшүндүрдүм. Чычалаганда эмне, ачуу чындык болуп атпайбы, көпчүлүк жакшы жумуштарга, айрым мамлекеттик мекемелерге деле орус тилин жакшы билип, кыргыз тилин анча–мынча билсең жумушка алат, кыргыз тилин мыкты билип, орус тилин начарыраак билсең албайт. Мен өзүм тил билбөө кыйынчылыгына көп эле дуушар болдум. Аттиң, бир дагы кыргызстанда жашаган башка улуттун өкүлдөрү кыргыз тилин билбей, ушундай кыйынчылыкка туш болушпаса керек.

Кыргыз тилинин жайылтылбай жаткандыгына мамлекет башчыларынын түздөн-түз күнөөсү бар, балык башынан сасыйт деп эле келебиз. Мыйзамга толуктоолорду киргизип, тилге болгон талапты жогорулатса, жаштардын өзүнүн эне тилин үйрөнүүгө болгон муктаждыгы пайда болот эле. Кудайга шүгүр, акыркы кездерде мамлекеттик жолугушуулар, депутаттардын отурумдары көбүнчө кыргыз тилинде өтүп калды. Аны да сындап атышат: «Туура сүйлөшпөйбү, «мен ойлойм»-деп айтышат. Менин оюмча же мен баланча-түкүнчө деп ойлойм»-деш керек да деп. Канча жылдан бери «я думаю»-деп эле келгенбиз. Мына ушул сөздүн «мен ойлойм» болуп өзгөрүп, кыргыз тилибиздин жогору жактан бир аз да болсо ордун таба баштаганы мени кубандырат. Кыргыз жаштарынын кыргызча сүйлөбөй жатканынын дагы бир себеби: мектепте мугалимдердин окуучуларды өз мекенин сүйүүгө, үрп-адат, каада-салтын ыйык тутууга, эне тилинин кадыр-баркын билип, күндөлүк турмушта колдонууга көнүктүрүүгө татыктуу тарбиялай албай жаткандыгында. Мектепте мейли, мугалим чабал экен, а үйүндөчү? Үйүндө ата-энеси айтып, кулагына кумдай куюп тарбиялагандын ордуна, үйдөгү маектешүү, сүйлөшүү да экинчи тилде жүрөт. Биз сыймык- танган белгилүү адамдын кызы азыр Жогорку Кеңеште депутат. Анын кыргыз элин сүйүп, калкына кызмат кыларына шегим жок ишенем, бирок кыргыз тилин билбегени бир аз капа кылат.

Орус-кыргыз аралаш окуган мектептерде көпчүлүк орус класстар кыргыз класстарга үстөмдүк кылат экен. Бул эмнеси? Бул орус класстардын өз оюн эркин айта билип, эркин басып турууга тарбияланып, кыргыз класстардын кичипейил, жөнөкөйлүккө тарбияланганыбы же өз укугун пайдаланганды, тилди билбей чайналганыбы? Ушундай учурларда «Аай, орус класска эле окуганда болмок экен»-деген ой окуучуларда пайда болбой койбойт. Бир байкаганым орус класста окуган көпчүлүк балдар ата-эне сыйлоону, аларга урмат менен мамиле жасоону анчалык биле беришпейт. «Сен»-деп сүйлөп, оюндагысын дароо айтып, ыйбаа кылуу, ата-энеге антип айтуу болбойт го деп ойлоо сезим аларда азыраактай сезилет. Медалдын эки бети бар-дейт го элибизде. Анын сыңарындай ушул тилде окуунун жакшы жактарына токтолсок, ар кандай шартта же чет өлкөдө (көбүнчө Россияда) иштегиси келгендерде тил маселеси боюнча кыйынчылык туулбайт. Дагы биз билбеген бир топ жакшы жактары болсо керек, аны өзүм күбө болбогондон кийин айта албайт экенмин. Деген менен кыргызда ар бир адамдын «дээринен» деген сөз бар го. Он жыл орусча окуп, чет өлкөдө беш жыл башка тилде билим алып келип, кыргызча таптак сүйлөп, элине кызмат кылып жүргөн уул-кыздарыбыз жок эмес. Ар ким өзү каалаган мектепте билим алып, каалаган тилди үйрөнүүгө укуктуу. Бирок башка улуттар кимдин жеринде жашап жатабыз деп жака-белин, асманын карап, «киргиздер» ата-бабасы басып өткөн тарыхка бир кылча- йып сересеп салып, акылына келсе дурус болор эле.

Бир жолу таң эрте эл ташуучу унаада бара жатсак, саат жети болуп үналгыдан биздин «Гимн» башталып калды. Күн жаңы кызарып чыгып келе жаткан. Эмнегедир өзүмчө толкунданып, ушундай таза аба, тунук суулуу мекенимде күн кечирип, бүгүнкү таңда жаңы чыгып келе жаткан күндү көрүп жатканыма кошулуп биздин гимнибиз жаңырганда, төмөнкүдөй ыр саптар жаралды эле:

*Таң атып, айланага күн нур чачып,*
*Саат жети мен унаада бара жатып.*
*Үн алгыдан биздин гимн угулганда*
*Жүрөгүм эргип кетти, денем балкып.*
*Дүйнөлүк мелдештерде көптөн күтүп,*
*Биздин байрак обого көтөрүлүп.*
*Спортчулар ийгилик жаратканда,*
*Кубанып жан дүйнөмө түшөт бүлүк-*
деп, андан ары сынакта кыргыз ырлар жаңырып, ырчылар жеңишке жетишкенде, дагы кандай учурларда кыргызмын деп сыймыктанарым жөнүндө айтып келип, аягын

*Башканын мен да бир күн сезимдерин*
*Жүрөмүн ойготсом деп күйүп-жанып, -*
деп бүтүрдүм эле. Ар бир кыргыз өз жеринин, элинин, тилинин кадырын билип, коомго активдүү аралашып, мекендеши, боордошу жараткан ийгиликке маңдай жара сүйүнүп, кайгы-муңуна кабыргасы кайыша кейисе, эң башкысы өзүнүн тилин башка тилдерден жогору коюп, баалай билсе дээр элем. Өз тилиңде түш көрүп, өз тилиңде сүйлөй билүү кандай гана ырахат. Болбосо мамлекети жок, эне тили жылдан-жылга унутулуп бараткан канчалаган улуттар жүрбөйбү.

«Кайсы жерде жүрсөң ошол элдин ырын ырда» деп коюшат кыргыздар. Кыргызча так сүйлөп, ал тургай түш жоруган башка улуттун өкүлдөрүн көргөндө ичиң жылыйт. Бирок ошол эле учурда коомдук жайларда орусча сүйлөп шарактаган кыргыз жаштарды көргөндө «аттиң» дейсиң ичиң сыйрылып. Жазуучу Турусбек Мадылбай отуздан ашуун тил билет экен. Өзү кыргызча таза, жумшак тил менен сүйлөгөн киши. Ал «мен ушунча тил билем» деп төш кагып мактанбай, өзү билген тилдердин пайдасын чыгармачылыгына керектүү учурда гана колдонуп, күнүмдүк турмушуна аралаштырган жок.

Ырчы жеңекебиз Роза Шакированын баласынан журналист кыз: «Атың ким?» деп сураса, кичинекей бала: «Манас атанын урпагы, Руслан деген мен болом» деп жооп бериптир. «Менин атым Руслан» деп орусча жооп берсе эмне кылат элек? Унчукмак эмеспиз. Бирок Роза эже жолдошу экөө азамат! Уулуна кичинесинен «Манас» атанын урпагы экенин эскертип, ошол атасындай баатыр, эр жүрөк, таймаңбас болууга тарбиялап жатышат. «Эне тилин сүйбөгөн, элин сүйүп жарытпайт» деп Байдылда Сарногоев жазгандай, өз тилин сүйбөгөн, билбеген жаштардын мекенине жүрөгүн берип, жан дили менен кызмат кыларына ишеним аз. Кыргыздар ымдаганды аңдап, жаңсаганды байкаган зээндүү, зирек эл. Ошон үчүн чет тилдерди үч-төрт айдын аралыгында үйрөнүп, сүйлөп кетип атышпайбы. Бирок ошол тилдердин сап башында, көч башында өзүнүн эне тили турарын жаштар буга чейин билбеген болсо, ушундай дилбаяндарды окуган соң ой жүгүртүп, жакшы ыйынтык чыгарат деген ойдомун. Мен, кыргыздын жаштары келечекте элибиздин социалдык, экономикалык, саясий абалын жакшыртып, «Сан жактан чакан өлкөнү, сапаты менен бийик кылат», ошол сапаты бийик өлкөдө кыргыз тили кылымдар бою жашай берет деп терең ишенем.

*Көңүл салба көз артышса бирөөлөр,*
*Мен ишенем келечекке гүл өнөр.*
*Кызмат кылып, гүлгө оронгон өлкөдө,*
*Кыргыз тили кылымдарга сүйлөнөр.*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№6 (304)
28 06 2024
kyrgyztili@mail.ru

# АКЫН - ЖАЗУУЧУЛАР КАНАТТУЛАРГА...

**Абдиманап уулу Кылымбек,**
**ОшМУнун магистранты**



Кыргыз элине канаттуулар ааламы жакын болгон десек болот. «Википедияга» жазылган маалыматка таяна турган болсок Кыргызстанда канаттуулардын 345 түрү жашай тургандыгы айтылат, дагы башка маалыматта 335 түрү Совет өкмөтүн аймагыныда байырлаган куштардын тең жарымын түзөрү айтылат. «Биздин өлкөдө баланча канаттуу жашайт» деп көкүрөк чийген менен ар биринин атын атап саната турган болсо эки колдун манжасын «мактансак» эсептеп жаап кайра ачылаарына ишене албайм. Ички мобилдүүлүк боюнча 2020- жылдары Ысык-Көлдөн келип мени менен тайпалаш болуп окуп калган досум карганын агы, ак куунун карасы боло турганын айтса жакамды кармаганым эсимде.

Кыргыз акын - жазуучулары да канаттуулар дүйнөсүнө кайдыгер караган эмес жана алардын канаттуулар дүйнөнөсүн жакындан тааныганына тан калбай коюуга болбойт.

Сардарбек Рыскуловтун Кара шумкар(Фрунзе «Адабият» 1991) Повесттер жана аңгемелер жыйнагында куштарды алардын ичинен алгыр куштарды өтө кенен баяндап берет. Жогоруда аталган китептин баш сөзүндө жазуучу алгыр куштарды өзүнчө бөлүштүрүп квалификациялайт. Мисалы, бүркүттөрдү кыргыз мүнүшкөрлөрү алтымыштан ашык түргө бөлүп келсе Сардарбек Рыскулов алардын эң эле кыраан, алгырларын үчкө бөлүп караган: бай чегир, баатыр чегир, куу чегир. Орнитологдордун пикири боюнча ителги шумкардын уругуна кирсе Рыскуловтун бөлүштүргөнү боюнча шумкар ителги тукумуна кирип окшош куш катары каралат. Бул болгону Сардарбек Рыскуловтун «Кара шумкар» повесттер жана аңгемелер жыйнагына жазган баш сөзүнөн. «Кара шумкарды» азыр да мүнүшкөрлөр окуп андан өзүнө керектүү сабак алса болчудай. Негизи эле Сардарбек Рыскулов өзүнчө улуттук стилде жазуу ыгын таап алгандай анын «Балбандар», «Саяпкерлер», «Мүнүшкөрлөр», «Кара шумкар» деген китептери муну бышыктап далилдеп тургандай.

Молдо Кылычтын «Казалдар» (Фрунзе «Адабият» 1991) жыйнагынын ичинде «Чүй өзөнү» поэмасында 80 ге жакын каттууларды атап табиятын сүрөттөйт,«Канаттуу» казалында болсо 120 га жакын канаттууну атайт. «Бүркүттүн тоюнда» болсо 50 канаттуунун атын атат көркөм сөздүн чеберчилиги менен алардын эмне менен тамактанганын, кайсы кушту кайсы куш коркута аларын да сүрөттөйт. Керме-Тоо казалында болсо 30 га жакын канаттуу баяндалат. Молдо Кылычтын «Буудайык» жана «Бүркүттүн тою» казалдары эл оозундагы илгертен келе жаткан тамсилдер Молдо Кылычтын чыгармасы эмес деген көз караштар да бар. Эгерде ошондой болгон болсо анда Алыкул Осмоновтун «Толубай сынчы» поэмасын да илгертеден эл оозунда айтылып келген узун жолдуу уламыш экендигин эске алышыбыз керек. Молдо Кылыч жарыкчылык өмүрдө чейрек кылым гана жашаганына карабай кыргыз жазгыч акындарынын катарын толуктап ат көтөргүс адабий мурас калтырган.

«Керме-Тоо» казалында булбулду төмөнкүчө баяндайт:

*Көбүнесе кеч курун*
*Безеленип сайраган*
*Кубулжутуп булбулу.*
*Канаттуунун чечени,*
*Үнү коoз үлгүлүү*
*Акындыкка жан жетпейт*
*Ай-ааламга белгилүү.*
*Чындап таңшып сайраса*
*Эригенден жан дили*
*Чыкпай калбас ар кимден*
*Көкүрөктө зар-муңу.*

Айбандын оойт көңүлү.- деп айтылат. Булбул негизинен оозеки чыгармачылыктан баштап профессионал адабиятта да акындарга салыштырылып келет. Мисалы: булбул үндү, булбул көмөкөй ж.б.

Бүркүттүн алтымыш түрү бар экендигин төмөнкүчө баяндайт:

*Бурчатпаган бугуну*
*Бүркүттөрдүн алгыры.*
*Айта берсе алтымыш*
*Бүткүл бүркүт урааны.*- демек Молдо Кылыч жырткыч кутардан баштап кол башындай булбулга чейин кайрылган.

Тоголок Молдонун «Куштардын аңгемесинде» да каралат, анда куштарды:

*Куш экиге бөлүнөт,*
*Ирети менен келинет.*
*Жол-жобосу айтылып,*
*Анык көзгө көрүнөт*
*Бирин айтат боз куш деп,*
*Бирин айтат суу куш деп,*- кургакта (боз куш)жана сууда (суу куш)жашаган куштарды бөлүп карайт. Чыгарманын мазмуну боюнча кеп кыла турган болсок кургакта жашаган боз куштар жырткыч куштардын кол салуусуна чыдабай суудан орун берүү үчүн кеңешкени суу куштарын конокко чакырат:

*Суунун кушун конокко,*
*Жан калтырбай чакырды,*
*Башчысы кууну келтирди,*
*Кара кунас баатыры.*
*Боз куштан суу куш аз келди,*
*Өрдөк, чүрөк, каз келди.*
*Жер жарылып чөп чыгып,*
*Бул мезгилде жаз келди.*
*Аныр келди анкылдап,*
*Айтып сөзүн данкылдап.*
*Анын арка жагынан,*
*Тартар келди такымдап,*
*Эчки маарак, кашкалдак,*
*Ызгыч менен ак чардак,*
*Каныты жаман кара каз,*
*Көлдүн четин булгаган.*
*Куунун кылган жарлыгын,*
*Бул дагы эки кылбаган.* - Көрүнүп тургандай сууда жана кургакта жашаган куштардын табиятын үйрөнүп бири-биринен айырмалай билиш үчүн бул чоң табылга. «Куштардын аңгемеси» тамсилдик поэмасында жалпы 72 канаттуунун аты аталып, алардын 54 канаттуу боз куш(кургакта жашоочу 18 канаттуу суу куш(сууда жашоочу) катары сүрөттөлгөн.

Кыргыздын кыялкеч жазуучусу Кусейин Эсенкожоев фантастикалык жанрдагы чыгармалары белгилүү болгон менен «Канаттуулар » поэмасы көпчүлүккө беймаалым. Анын аты аталган поэмасында 35 канаттуунун ар бирин ыр менен баяндап чыккан. Ошолордун ичинен мүнүшкөрлөр үчүн «сакадай бою сары алтын» кушка кайрылып көрөлү:

*Жырткычтардын ичинен,*
*Эң кенжеси борбашсын,*
*Өзүң теңдүү чымчыктын*
*Көбү менен кармаштың.*
*Арымын аз болбосо,*
*Турумтайдан тайбашсын.*- деп эң эле кичине тапчыл куш Борбашты сүрөттөйт. Кусейин Эсенкожоев жарыкчылык өмүрдө 24-жыл гана өмүр сүргөн менен бир нече фантастикалык чыгармаларды «Канаттуулар» поэмасын жазганга жетишкен.

Качкынбай Осмоналиев да канаттуулар дүйнөсүн кайгып өткөн эмес анын «Бүркүтчү» аңгемеси окуган адамдын бүйүрүн кызытып өзүнө тартат. Чыгарманын башкы өзгөчөлүгү бүркүттөрдүн эң көп түрү ушул аңгемеде кездешет: төө комдот муз мурут, ак ыйык байчегир, кара көмөкөй карачык, каркыра жогдор карабаш, жанбуз, үч кашка, ур токмок, куу чегир, такыр чегир деп бөлүп алардын табиятын, өң түспөлүн, бири-биринен айырмасына чейин чебер баяндайт.

Жазуучу Токтосун Самудиновдун «Чаң баспасын сөздөрдү» деген китебинде да канаттулар дүйнөсү аз да болсо чагылдырылган. Барыбыз эле каркыра мене турнаны эки башка куш катары карап келгенибизди моюнга алышыбыз керек. Ал эми жогоруда аты аталган китепте «Кайырма» ырында:

*Ар жандыкты илгертен*
*Айырмалашат чечмелеп.*
*Өз-өзүнчө ат коюп,*
*Ургаачы, Эркек деп бөлөт.*
*Мергенчинин баянын*
*Сен да эмесе тыңдачы:*
*Сымбаттуусун койкойгон,*
*Аркар дешсе - Ургаачы.*
*Буржук моюн, Багалчак,*
*Мүйүздүүсү - кулжасы.*
*Короз менен мекиян*
*Канаттуунун кыйласы.*
*Каркырасы- Эркеги,*
*Ургаачысы - Турнасы.*
*Чүрөк - болот өрдөктүн*
*Аруу, Сулуу, Көркөмү*
*Ажырашпай бир жүрген*
*КАЙЫРМАСЫ - эркеги.* - деп айтылат. Ырдан бөлүп карай турган болсок, жалпы өрдөк деп айтылганы менен эркеги-кайырма, ургаачысы-чүрөк аталарын, каркыра-турнанын кыркыра-эркеги, турна -ургаачысы аталарын. Жалпы тоок деп аталганы менен короз-эркеги, мекиян-ургаачысы аталарын билебиз. Жазуучунун «чаң баспасын сөздөрдү» китеби унутта калып бараткан уңгулуу көп сөздү эске салат.

Нурбек Ахматкулов «Жаныбарлар жан дүйнөм» атту ыр китебинде 15 канаттуунун ар биринин сүрөтүн тартып 1-2 куплеттен ыр жазып алардын табиятын баяндаган. Анын бул китеби бала бакчада балдарга кыргыз тилин үйрөтүүдө зор жардамчы болмок. Канаттуулардын алпы болгон , тарп менен тамагын тойгузган жоорулары жакшы жактан сүрөттөгөн бир да жазуучу жок. Бирок төмөнкү ырда:

*Канаттуунун алпы болот жорулар,*
*Ал бар жерде такыр болбойт оорулар.*
*Өлгөн тарпты жыттанууга жол койбойт,*
*«Санитар» куш, бул жагынан сонун ал.*- деп анын санитардык кызматын төрт сап гана ыр менен жеткире сүрөттөйт. Жалпы жонунан алганда канаттуулар дүйнөсүн окутууда кыргыз адабиятында көркөм чыгармалар жетиштүү десек болот.

## Корутунду

"Уядан эмнени көрсөң, учканда ошону аласың" - деген элибиздин таамай айтылган макалы бар. Демек, кыргыз акын-жазуучулары да атадан-балага, муундан-муунга өтүп келе жаткан канаттуулар дүйнөсүн биздин муунга чейин татыктуу жеткизе алыптыр. Келме кезек дегендей, эми биздин муун да өсүп келе жаткан кийинки муунга да бүркүт менен жоруну, шумкар менен күйкөнү айырмалай ала турган келечек муунду көркөм адабият менен тарбиялашыбыз керек!

## Адабияттар:

1. Молдо Кылыч «Казалдар» Фрунзе «Адабият» 1991
2. Тоголок Молдо «Чыгармалар» 2-том Фрунзе «Кыргызстан»1970
3. Кусейин Эсенкожоев «Чыгармалар жыйнагы» аңгемелер, ырлар Бишкек 2018
4. Сардарбек Рыскулов «Кара шумкар. кашка ат. Карагер жорго» повесттер, аңгемелер. 2- басылышы. Бишкек «Турар» 2015
5. Качкынбай Осмоналиев «Бүркүтчү» Ала-Тоо журналы (сырты жок болгондугуна байланыштуу кайсы жылкы саны экенин тактай албадым)
6. Токтосун Самудинов «Чаң баспасын сөздөрдү» ырлар. Бишкек«Адабият»1991
7. Нурбек Ахматкулов «Жаныбарлар жан дүйнөм» ырлар. Ош-2010 ОшМУнун магистранты Абдиманап уулу Кылымбек ФКЛ(м)-2-22

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6
(304)

28
06
2024

kyrgyztili@mail.ru

# СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ЭТЮДДАР

## («Сөз дүйнөнү сактап турат»)

*(Уландысы. Башы өткөнсанда)*



**Сулайман РЫСБАЕВ, профессор, КРнын Эл жазуучусу**

Кээде ичиркенип үшүп чыйрыгып турсаң да жылуу бир ооз сөз укканыңда денең жибип, чекеңден тер чыгып, жыргап каласың. Мындайда «сөздүн табы» болот деп коёт... Кээде оттун табынан сөздүн табы - күчтүрөк туюлат. Оттун табына чекеңди кактап отуруп жибибеген жан дүйнөңдү, же жүрөгүңдөгү таарынычтын, кектин, сары-санаанын, капалыктын музун бир ооз «жылуу сөз» көлкүлдөтүп эритип таштайт! Бул деген - сөздүн табы, анын жылуулугу, ысыктыгы, сөздүн оту менен жалыны эмеспи! Ошон үчүн айтат да, «муздак сөз кулактап кирип жүрөккө барып муз болот», «жылуу сөз кулагыңдан кирип жан дүйнөңдөгү музду эритет» деп. Эх десеңчи! Биз кээде оозубуз бар туруп, тилибиз сайрап туруп, эң жакын адамыбызга бир ирет жылуу сөз айта албайбыз. Ошол эң жакын адамың сенден күндө бир ооз жылуу сөз угууну самап турарын сезбейбиз. А бүгүн айтпасак - эртең кеч болуп каларын туйбайбыз! Ошол үчүн пендебиз. Ошол үчүн паспыз! Ошон үчүн көп туруп, азбыз!

«Бир күнү айтылган орой сөз кырк күнкү ырыскыны кубалайт» - деп айтылат элде. Демек бул бир күнкү качкан ырыскы кырк күн бою кайра кайрылып келбейт - дегени эмеспи?! Андай болсо, мунун өзү - «сөздүн куту бар» экенин көңүлгө салып отурган жокпу?

Сөздүн куту, албетте, акылман карыяларыбызда. Ошондуктан, алардын берген баталарында айрыкча бир кереметтүү касиет бар экени байкалбай койбойт. Балким, сөзүндө касиети бар экендиги үчүн алардын өзүлөрү да касиеттүүдүр, же өзүлөрүндө касиети бар экендигинен улам, алардын сөзүндө касиети бардыр. Кантсе да, ошо касиети бары үчүн эл андай карыялардан бата тилешет. Тиленип алган бата сөзсүз орундалат. Сөздүн күчү - батада. Же атайын эл ичинде бир акылман карыя көзүнө чалдыккан жакшы уул-кызга батасын берсе - ал сөзсүз орундалат. Ошол көз ирмемден баштап баягы бата алган улан-кызды башкача бир аура коштоп, батанын касиетинен жүзү жаркып, маанайы ачылып, көңүлү көтөрүлүп, кандайдыр бир улуу күч аны көкөлөтүп салат, мартабасы көтөрүлөт, жолу ачылат, иши оңолот. Өзүн мыкты сезген көпчүлүк улан-кыздар өзүлөрү эле асмандан түшө калгансып, акылман карыялардан бата тилешпейт, берген батага да көңүл салышпайт. Ошол үчүн аларга бата жетпейт. Мунусу - алардын эң чоң жаңылыштыгы.

Демек, батанын күчү - сөздүн күчү, батадан алган бакыт - булкут. Сөздүн куту бар дегендин өзү да - ушул.

Мына, сөздүн касиети ушундай. Баарынан да, адамдар сөздүн мындай касиетин сезбейтуйбай, ой келди сүйлөшөт, кадырлап-барктабайт, жакшы сөздү издебейт, же жакшы бир сөз жоголсо, аны жоктоп койбойт. Жакшы сөзүбүз жоголуп баратат - деп кейибейт.

Кээде адамдар сөздүн касиетин туйбай, бирөөгө жаман сөз айтып тилдеп, каргап-шилтейт, же жаман сөз айтып, болбогон жерден өзүн өзү карганат. Ал - каргыш сөздүн күчүн сезбегендик же бирөөгө сөзүнүн жамандыгы тиерин ойлобойт, же өзүнүн аброй-касиети каргаш сөзү менен кошо кетерин, өз сөзү өзүнүн тагдыры болуп кайта кайрылып келерин туйбайт. Бирөөнү каргаган сөзү - өз башына тиерин сезбейт. Ошол үчүн сөз касиетин туюп, же бирөөнү каргаба, же өзүңдү өзүң карганба - деген элибиз.

Сөз табияты ушундай татаал табышмак. Сөз мына ушундай өң менен түсү, күч менен салмакты, даам менен жытты, табы менен кутту кайдан алды экен?! Ким билет, айткылачы! Эч ким: «Мен билемин» деп айта албайт. Ошол үчүн сөздүн касиетин билүүгө аракет кылалы: анын өңү-түсүн көрө билели. Үнүн угалы. Салмагы менен күчүн салмактап көрөлү, даамы менен жытын сезип, татып, жыттап ырахат алалы. Куту менен табын туя билели да, андан күч-кубат алып, касиети менен арууланалы! Күч-кубат алалы. Келгиле ошентели!

**Ушундай..!**

Ыраматылык чоң атам сексен бешке келген кургагында, көзүн жумуп, сакалын кашып отуруп: «Кээ бир адамдар сөз деп эле бир нерселерди сүйлөй беришет» деп коёр эле. Айылдагы Матисак деген карыянын бир сөзү эсимден кетпейт. Ал, кээде бирөөлөр менен талашып-тартыша кеткенде сөөмөйүнүн учун шилекейлеп: «Эй, менин мобу шилекейим адал, сөзүм адал» деп күйүп-бышар эле. Көрдүңүзбү, сөз дегенди грузиндер айтмакчы курулай эле сүйлөй бербей, «чыдабай кеткенде гана сүйлөш керек» тура. Сөз да адал же арам болот тура! Оозу адал болсо, анын сөзү да адал болот тура.

Биздин балалык куракта айылда жүргөндө Муса ава, Садырбек ава, Бакир ава, Бексултан ава, Акмат ава, Бекиш ава, Шамшы ава деген аксакалдардын сөзүн угуп чоңойдук десем болот. Муса аванын сөзү - элдин тарыхы эмес беле! Кап десең, анын бир ооз сөзүн магнит лентасына жазып сактап кала албадык. А Садырбек, Бекиш, Шамшы аксакалдар сүйлөгөндө топ уюп, муюп отурса, Бакир, Бексултан, Орок аксакалдар ооз ачса эле эл кыраан-каткы күлкүгө батышар эле. Эмне экенин билбейм, алардын андай керемет сөздөрдү кайдан жаралып, кантип элди ээрчитип алар кудуретке ээ болгонуна эмгиче башым жетпейт. Жамандыкжакшылыктарда айыл эл чогула калганда ошолор сүйлөсөө экен деп, эки көздөрүн агытып, сөз кутүп отурушканын көрүп, муюп отурар элек. Алар тоолук элдин театры менен киносу, телеси менен радиосу, гезити менен журналы болсо керек! Ошолордун оозунан бир керемет сөз уксам-көпкө чейин азык болор эле. Көрсө, сөздүн касиетин мага ошол карыялар үйрөткөн экен.

Италия элинин бир накылы бар экен мындай: «Өз учурунда укпай калган жакшы накыл - өмүр бою окубай калган жакшы кепке барабар». Абдан тура айтылыптыр, э? Демек мен «ошол карыялардын кебин өз кезинде угуп калганыма бактылуу экенмин» деп отурам азыр. Анткени алардын баары о дүйнө узап кетишти, аттиң!

**6-этюд:**

**БИЗ - МАДАНИЯТТУУБУЗ. А СҮЙЛӨӨ МАДАНИЯТЫБЫЗ КАНДАЙ?**

Тил - улуттун жаны гана эмес, анын маданий дөөлөтү, андыктан биз улуттук тилибизде сүйлөөдө ага байланыш-катыштын куралы же мамилелешүүнүн каражаты катары гана эмес, өзүбүздүн рухий маданиятыбызды, анын ичинен, сүйлөшүү маданиятыбызды, тилибизге жасаган маданияттуу мамилебизди билдирерибизди унутпашыбыз керек. Ушунун өзү эле тилибиздеги кеп этикетин гана эмес жалпы эле сүйлөшүү маданиятыбызды эске салат.

Сүйлөшүү маданиятыбыз туурасында сөз кылууда, адегенде, терминдин өзүн тактап алалы, анткени бул термин, кээде «тил маданияты», кээде «кеп маданияты» же «сүйлөшүү маданияты» - деп ар түрдүүчө айтылып жүргөн учурлары бар. Аны тереңштире келсек, мындай. «Тил маданияты» тууралуу сөз кылганда - тилдин өзүнө тиешелүү болгон маселелер, т.а. анын калыптанышы, курамы, сөздүк фонду, термин жасай алышы, маанини так бере алышы, алфавиттин абалы, тилдин байлыгы, тазалыгы, диалектилер менен карым-катышы, жазуу, сүйлөө эрежелери, ж.б. туурасында кеп кылсак, кеп же сүйлөө маданияты тууралуу сөз кылганда, адамдын өз кебине (сүйлөгөн сөзүнө) жасаган жеке мамилеси, эне тилинде сүйлөө деңгээли, кебинин коммуникативдик сапаты, т.а. кебинин: тазалыгы, тактыгы, тууралыгы, логикалуулугу, орундуулугу, адептүү сүйлөөсү, эмоционалдуулугу, поэтикалуулугу, байлыгы тууралуу сөз кылабыз.

Демек ар бир сүйлөөчү адамдын кебинин маданияты өз эне тилине жасаган анын жеке мамилесинин деңгээлин чагылдырат¬ - деп айтсак туура болот.

Адегенде, кептин тазалыгы тууралуу сөз кылалы. Булкыргыз баласы эне тилинде таза кыргызча сүйлөөсүн, чет сөздөрдү ыгы жок колдонбоосун түшүндүрөт. Кээде чет сөздөрдү да жөнсүз бузуп, түзүлүшүн өзгөртүп, айрым учурда туура эмес которуп, же которбостон эле, айта турган оюн же түшүнүктү билдирер өз тилинин каражаттары бар экендигине карабастан, башка тилдин каражаттарын, мисалы, орус тилин аралаштырып сүйлөөнү адат кылып алган учурлар көп.

Буга төмөнкүдөй мисалдарды келтирсек болот: «Мага окуумду востановить этүүгө (калыбына келтирүүгө) уруксат берүүңүздү өтүнөм»; «Мен заказ (табыштадым эле-дегени) бердим эле»; «Биринчи сорттогу (ылгамдагы-дегени) ундан бериңиз»; «Отпускамда пайдаланбай калган күндөрүм үчүн отгул (өргүү - дегени) берүүңүздү суранам»; «Компьютеримдин мышкасы (багыттагычы - дегени) иштебей жатат»; «Кечиресиз, отчествоңуз (атаңыздын аты - дегени) кандай эле?» «Эртең төгөрөк үстөл (чогулуш - дегени) болот»; «Ситуациядан (кырдаалдан - дегени) чыгуу керек»; «Экөөбүз перекрестокдан (жолдун кесилишинен - дегени) кездешип калдык»; «Ручкамдын запасы жазбай калды (калемим жазбай калды - дегени); «Сен мага мешайт (жолтоо - дегени) этип жатасың»; «Биз иштин пландашпырып (акылдашып), көпкө отурдук»; «Базардан баш, шыйрак апкелип, холодес (муз кыйкум - дегени) жасадык»; «Та-ак, (эмесе - дегени), анда кандай кылсак?» «Мен сени күтө берип шок (эсим ооду - дегени) болдум», ж.б.

Байкалып тургандай, атайын ар бирин таржымалдап отурбасак да түшүнүктүү: бул мисалдардан, ким болсо да, оюн айтып билдирүү үчүн өз эне тилинен каражат издеп убара болбостон эле, эчактан бери көнүмүш болуп калган орус сөздөрүн кошуп айта салуу байкалып турат. Анын үстүнө, мындай көнүмүш адат катары эчактан бери тилибизде оркоюп бөлөк болуп турса да, өзүбүздүн сөз каражаттарыбызды унутуп, анын ордун биротоло ээлеп алган, өз сөзүбүзү унутууруп койгон мите сөздөрүнөн кутула албай келатканыбыз айдан ачык.

Эми кептин тууралыгы жөнүндө кеп улайлы. Көпчүлүк убактарда жазуу жана оозеки түрүндөгү орфографиялык жана орфоэпиялык эрежелерибиздин бар экендигине карабай минтип туура эмес сүйлөйбүз.

Мисалга көңүл буралы: «Биз Ата Мекенибизге ак кызмат кылыш керкепиз»; «Мен докладка даярданыш керекмин» (даярданышым керек-дегени); «Бул өтө күлкүмүштүү (күлкүлүү-дегени) окуя экен»; «Алардын барыштары керек эле», «Алардын мындай жолго барыштары туура эмес», «Мен Ч.Айтматовдун «Жамийла» повестисин (повестин-дегени) окудум»; «Эл аралык фондулардын (фонддордун-дегени) өкүлдөрү менен жолугушуу болду»; «Бакытка, (Бакытты эркелете айткандагысы) иш кандай?» «Биз кыргыз тилин эне тил эмес катары (экинчи тил катары-дегени) окутуп жатабыз»...

Күндөлүк турмушубузда, теле берүүлөрдө, радио уктурууларда, жыйындарда минтип туура эмес сүйлөгөн учурларыбызга мисалдар жетишерлик эле табылат. Андай учурларды кебибизден четтетиш үчүн, оозеки жана жазуу эрежелерибизди туура сактообуз жана аны туура колдонуубуз негизги милдет.

Ушундай эле, кебибиздеги дагы бир каталык булл - айта турган оюбузду бышыктабай туруп айткандыктан кетирген каталыктар экендиги талашсыз. Алар кептин так эместигинен кеткен каталык катары бааланат.

Мисалы: «Жерге калкты жайгаштыруу» - деп айтат райондун жер бөлүштүрүү адиси, калкты жерге отурукташтыруу - дегендин ордуна. Куттуктап белекке ак калпак жана кыргыз камчысын берип жатып мындай дейт салабаттуу интеллигент-жетекчи: «Башыңдан ак калпак менен камчы түшпөсүн». Көрсө, анысы - «колуңуздан камчы түшпөсүн» деп жатканы экен. «Карганын буту» дейт шаардык окуучу, «шыйрагы» дегендин ордуна; «Франциянын медициналык акдемиясынын залында Авиценанын портрети ушул күнгө чейин асылып турат» - дейт, «илинип турат» дегендин ордуна, белгилүү эле окумуштуу илимий журналга жарыялаган макаласында. «Куштун тумшугу» - дегенди «мурду» дегендер көп эле учурайт. «Чарбада кара малды көбөйтүү керек» - десе, бир жаш адис кара түстүү уйларды чогултуу тууралуу көрсөтмө бериптир. Бир жазуучунун аңгемесинде мындай дейт: «Марадын бетинен былдый жаш куюлуп жатты». Аны «жаагынан куюлуп жатты» десе туура болмок. «Райондун акимчилигинин алдында үй-жайсыз калгандар үчүн баш калкалоочу жайларды ачуу милдеттендирилди» - дейт радионун кабарчысы. Эмне, андай жай акимчиликтин жер төлөсүндө ачылып жатыптырбы? «Элдик мүлктөргө каршы күрөшүү башкармалыгынын башчысы - Жаңыбаев»- дейт бир ирет радиодон журналист кыз. Көрсө, анын орусчасы «Начальник управления борьбы против хищения собственности» - деген сөз экен; Педиатор телеэкрандан жаш энелерге мындай деп кеңеш айтып жатат: «Наристени кайнатылган суу менен жууш керек». Кайнатылган суу менен жууп бышырып албайбы, «кайнатып муздатылган суу менен» - дебейби; Дагы бирөө телеэкрандан мындай дейт: «Биз барып чакырганда эмчектеги баласын көтөргөн, жашы 12лердеги кыз үйдөн чыкып келди». Күлкүңдү келтирет; «Ит эмне үрүп жатат, киши келатабы?» - деп баласынан сураса, ал айтат экен: «Киши жок. Эки аял келатат» (Эмне, аял киши эмеспи?); «Бир киши кайыкка түшүп алып, көлгө балык салып жатты» - дейт мугалим, «Көлгө кайырмак салып жатты» - дегендин ордуна; «Башын жалтыратып алдырып таштаптыр» - дейт бирөө, «чачын алдырып келиптир» дегендин ордуна; «Зарыл жеңенин үйүндө төрт баш адам жашайт» - дейт 9-класстын окуучусу, өзүнүн дилбаянында, «төрт адам жашайт» - дегендин ордуна. Көчө боюндагы көрнөктө мындай жазылган: «Чет тилдерди тез арада үйрөтөбүз: англис тили, француз тили, кытай тили жана кыргыз тили». Эмне, кыргыз тили Кыргызстанда чет тили болуп калганбы?

Байкалып тургандай, сүйлөөчү адам бул сүйлөмдөрдө айтаар сөзүн так ойлонбой, ошонун себебинен оюн так айтылбай, сөздөр өз ордуна так колдонулбай, кандай максатта сөз кылып жатканы да бүдөмүк болуп калган.

Ушундай эле көрүнүштөрдөн улам, сөз байкабастыктан ыксыз, орунсуз колдонулуп, орундуу айтылбай, кээде, ал үчүн сүйлөөчү да, угуучу да ыңгайсыз абалга кабылган учурлар кебибизде жыш кездешет. Мындай учурларды орунсуз сүйлөө - деп бааласак туура болчудай.

Мисал келтирели: «Ичилбей турган жарма эле, кычып кеткенче, ичип койгулачы»; «Кир жуунон деп жылытып жаткам, жылуу суу, кел, иче гой; Жакшы жатып, жай тургула» дейм деп келини кайнене-кайнатасына айтат экен: «Жаткан жериңер жайлуу болсун», «Кел демек бар, кет демек жок, кеч болуп кетти жакшы баргыла» дейт экен шаардык жигит үйүнө чакырган конокторуна; Түбөлүк жайга узатуу митингинде, бирөө «кош» деп айтам деп, «жолугушканга чейин» дептир; «Биз жакта бир киши сиздей болуп ооруп жаткан, жакында каза болуптур» - деген экен бирөө оорулуунун акыбалын сураганы барып; «Чоң ата, сиз жокто үйгө бир сиздей болгон чал келди» дейт небереси, чоң атасына, анын көңүлү ооруйт деп ойлобой...

Ушул эле сыяктуу мындай бир сөз: Бир көзү азиз адамга минтет экен достору байкабай: «Көзү жокко көбүрөөк» демекчи, сага көбүрөөгүн койдук» деп; «Бала деген баладай, башы-көзү чарадай эле болбойбу» дейт ата-энеси, баласын шоктонбой тынч жүргүсүн талап кылып. Педагогикалык жактан алганда, балага ушинтип айтуунун өзү да орунсуз, анткени антип айтуу баланын табигый өсүүсүнө кедерги болоруна окумуштуулардын изилдөөлөрү далил.

Ушундай эле орунсуз сүйлөмдөр үйдө же коомдук чөйрөдө, улууга же кичүүгө, таанышка же бейтааныга карата айты-

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6 (304)

28 06 2024

kyrgyztili@mail.ru

ла берет да, анын орунсуздугунун да чегинен чыгып, кептин моралдык-этикалык жагдайы тууралуу ойлонууга алып келет. Кептеги мындай моралдык-этикалык жагдайлар адептүү сүйлөө маселесин эске салат.

Төмөндөгү мисалдарды окуп көрөлү: «Ой аксакал, эми сиз жаштарга теңелбей, жөн эле жүрбөйсүзбү» дейт тыңсынган жаш жигит карыяга; Салам берип келгенди жактырбай, мырзасымак терс аяк жигит минтет экен: «Саламга жутаган эч ким жок, эмне жумуш менен келдиң, айтчы, айланайын»; Мугалим жаман көргөн окуучусуна минтет: «Эй көк мээ, айбан, ушуну да түшүнбөйсүңбү!»; Бир окуучу классташына кайрылат: «Эй мырык, бери келчи, сага айтар бир жаңылыгым бар».

Ушундай. Бизге күндөлүк турмушубузда анча байкалбаганы менен, сөзүнүн орундуулугу жана адептүүлүгү менен гана, адамдар бири-бири менен жакшы мамиле түзө алат, таттуулашып жашайт, биргелешип бир маселени максаттуу чече алат, жамаатта ынтымактуу иштеше алышат, тааныш-бейтааныш, алыс-жакын адамдар менен жалпы тил таба алышат, ортодо моралдык-психологиялык жакшы абал түзүлөт, ж.б.

Кээде адамдар айтайын деген оюн ирети менен айта албай, сөздөрдү ордуна туура коюп кынаптап сүйлөбөгөндүктөн, ойдун логикасы бузулган учурлар көп кездешет. Андай сүйлөмдөгү ой бузулуп эле калбай, кээде таптакыр түшүнүксүз жагдайларга туш кылат. Көпчүлүк учурда угуучу аны таңазарга деле албайт, түз айткан сүйлөм катары эле түшүнө берет. Бирок анын сүйлөө логикасынан кетирилген ката экени байкалып эле турат.

Мисалы: «Райондук ички иштер органы тарабынан киши өлтүрүү фактысы аныкталды» (радиодон). Суроо: Ким киши өлтүрдү? Же «Себат» билим берүү мекемеси тарабынан адам укугун бузуу фактысы аныкталды» (газетадан). Суроо туулат: укук бузуу фактысы ким тарабынан болду? «Унутулуп бараткан элибиздин улуттук салт-санаасын жандандырууну ойлоп жатабыз» (теле көрсөтүүдөн). Суроо: Ким унутулуп баратат? Элби же элдин салт-санаасыбы? «Урматтуу согуштун ветерандары!» (салтанаттуу жыйындан). Суроо: Ким урматтуу? Согушпу же ветеранбы? «Шамал учуруп кеткен райондордун кашарларына шиферлер жеткирилди» (радиодон). Суроо: Шамал эмнени учуруп кеткен? Райондубу, кашардыбы же шифердиби? «Кечээ күнү өтүп кеткен бөлөм Бөлөкбайдын туулган күнүнө арнап, жагымдуу музыкадан уктуруп коюуңуздарды суранам» -дейт телекөрсөтүүдөгү суроолор боюнча уктурулуучу концертке жазган катта. Суроо туулат: кечээ күнү Бөлөкбай өтүп кеткенби, же анын туулган күнү өтүп кеткенби?

Кээде мындай каталыктар адамдардын сүйлөө чеберчилигинен да эмес, сөз корунун жардылыгынан, сөз байлыгынын аздыгынан, сөзгө маани бербей, маани-маңызына жеткире түшүнбөй сөйлөй бергендиктен да келип чыгат. Көпчүлүк учурда биз сөздүк корубузду байыткыбыз келбейт, сөзгө жарды экендигибизди сезип-туйбайбыз, эне тилибиздин бай сөздүк корун үйрөнгүбүз келбейт, ал жөнүндө кам көрбөйбүз. Анан «тилибиз жарды» деп, эне тилибиздин барк-баасын түшүргүбүз келет. Акырында, өзүбүздүн тилибиз да, дилибиз да жарды экенин туйбайбыз.

Мындай учурларды кептин жардылыгынан же кебинин байлыгынан кеткен ката катары баалайбыз.

Мисал келтирели. Шаардык бир мектептин мугалими окуучуларга «Кожожаш» эпосу тууралуу түшүндүрүп жатып: «Алабаш Суречкинин текеси» дегенди: «Алабаш Суречкинин күйөөсү болчу» деп жатпайбы! «Тура тур, мен азыр сага өзүм чыгам» - дейт бирөө, «өзүм телефон чалам»-дегендин ордуна. «Өрт учурунда 101 чалгыла» дейт көчө боюндагы Өрт өчүрүү мекемесинин алдындагы көрнөктө. Эмне, өрт чыкканда 101 жолу чалыш керекпи, же «101» номурунабы? «Ай эме, тиги эмени эметип койчу» дейт атасы, сөз таба албай карбаластап, баласын бир нерсеге жумшап жатып. «Бир кол, бир баш болсок гана ийгиликке жетишебиз» дейт аянттагы митингде бирөө эмоцияга алдырып. «Түрдүү даамдагы ундар» дейт көчөдөгү жарнамада; «Кечээ жаандын алдында калдым эле, ооруп калыптырмын (жаанда калдым эле - дебейби); «Кош бойлуу мектеби» - дейт көчөдөгү жарнамада, «кош бойлуулар мектеби» дегендин ордуна; «Манас» эпосу - башка тилдерде кездешпеген эң чоң көлөмдүү эпос» дейт мектептеги дубал гезитте. «Башка тилдерде» эмес, «Башка элдерде» - деп айтса стилдик жактан туура болмок; «Германиядан жасалган бут кийимдер» - дейт дүкөндүн эшигиндеги жазууда. (Эмнеден жасалган бут кийим? Германиядан. «Германия» кайышпы?); Италиядан кийимдер (сөзмө-сөз которуу: «Одежды из Италии». Дүкөндөгү жазуу).

Эне тилинде таза сүйлөбөөнүн өзү да адамдын кебинин жардылыгынын бир далили эмеспи?! Өз эне тилиндеги сөздөрдү колдонбой сүйлөөбүздүн кесепетинен улам, жеке лексиконубуздан эне тилибиздин бай корун сүрүп чыгарып, анын ордун көптөгөн чет сөздөр ээлеп алганы жалганбы? Ушунун өзү адамдын сөзүнүн жардылыгынын негизги себеби болуп чыга келет.

Мисал келтирели: ЖОЖдун мугалими минтип айтат: «Повышениеде сабагым бар». «Срочный иштерим чыгып калды» дейт бирөө шашып баратып. «Текучкалар колду бошотпойт» дейт кейип, күндөлүк иштерден чарчаган кызмат адамы. «Скорый чакырып, түндө больницага келдим» дейт оорулуу. «Муну серьезно ойлонуп чечүү керек»; «Ал правасын (айдоо күбөлүгүн) алдырып ийиптир»; «Мен спецтен (атайын ооруканадан-дегени) дарыланып чыктым»…- дейт ишмер адам.

Ошентип, туура сөздү туура айтпай эринебиз. Угуп туруңуз:

– «Апам оорубай элеби?…» дейт шаардагы кызы телефондон үлбүрөгөн үнү менен;

– «Биз Ата Журтубуздун патриоту болуш керекпиз!» - дейт күпүлдөгөн депутат мырза трибунадан.

– «Биз жайында күн сайын бассейинге келчик…» дейт мектеп окуучусу;

– «Мен балама окшоном…» деп ырдайт ырчы Бек Борбиев мырза.

– «Беш кишилер келип, сизди күтүп жатат» - дейт катчы кыз башчысына.

– «Макулуңуз…макулуңуз» - дейт илбериңки кыз.

– «Досторго саламдар болсун!» - дейт радиодо сүйлөп жаткан журналист алып баруучу.

– «Ден соолуктар жакшыбы?» деп учурашабыз күн сайын;

– «Шаарда балдардын акчалары түгөптүр…» деп кейийт айылдагы ата-эне…

Ушундай. Мунун баары сөзүбүздүн баш жагында айтып өткөндөй, ар бир адамдын өз эне тилиндеги сөздү колдонуп сүйлөө маданиятын, анын деңгээлин, т.а. илимий тил менен айтканда, кебинин коммуникативдик сапатын билдирет.

Милдет - ар бир адам өз эне тилинде маданияттуу сүйлөй билүү деңгээлинин жогору болуусуна жетишүү, ар бир адам өз эне тилин сыйлап, туура сүйлөөгө умтулуу, өз кебинин маданиятын камсыз кылуу тууралуу тынчсыздануу, андагы катачылыктарды жеңүү. Анткени, ар бир адамдын кебинин маданияты анын улуттук тилдин калыптанышына, өсүшүнө турмушта бекемделишине, тазалыгына, оң да, терс да таасир этпей койбойт. Ал үчүн ар бирибиз эне тилибизде таза, так, туура, орундуу, адептүү сүйлөйлү, кебибиздин бай болуусуна, адептүү болуусуна, так болуусуна жетишип, көрктүү сүйлөөгө аракет кылалы. Бул-эне тилибизди сыйлообуздун, урматтообуздун жана сүйүүбүздүн дагы белгиси болмокчу.

Ушундай. Биз өзүбүздү ар дайым башкалардан кем калышпаган билимдүү жана маданияттуу сезебиз. Ошо маданияттуу сезгенибизден да башка тилде сүйлөгүбүз келет. Ошону маданият деп түшүнөбүз. Жаңылышабыз. Маданият дегендин өзү да улуттук тилде маданияттуу сүйлөөдөн башталарын ойлонолук!

**7-этюд:**

## СӨЗ КАЛАТ. СӨЗ МЕНЕН БИРГЕ ЭРДИК КАЛАТ!

Эне тили, асыресе, кыргыз тили кыргыз тилчилерге эле керек эмес. Ал - жалпы кыргыз элинин улуттук энчиси.

Эне тилибизди кыргыз тилчи илимпоздор жараткан эмес, аны кыргыз эли жараткан.

Андай болсо, кыргыз тилин мектепте окуп-үйрөнүү маселеси дагы улуттук кызыкчылык үчүн эмес, ал дагы «мен кыргызмын» деген атуулдардын кызыкчылыгы үчүн көтөрүлөр маселе. Анткени ал маселенин өз өлкөбүздө өз деңгээлинде чечилиши элдин тагдыры менен байланыштуу.

Тилибиз болбосо - элибиз болбойт эле, элибиз болбосо - мамлекетибиз болбойт эле, а мамлекетибиз болбосо - «Кыргызстан» деген мамлекет дагы жер шарынын картасында болбойт эле. Ошондуктан, бизге чейин, Манас бабабыз, Барсбек бабабыз, жана да элибиздин тагдыры, жерибиздин ар бир кокту-колоту, бир укум кыртышы үчүн күрөшүп, канын төгүп, Ала-Тообузду бизге сактап берген бабаларыбызга таазим этишибиз парз!

Эми биз, бүгүнкү ааламдашуу кезинде ата-бабабыз сактап берген кыргыз жери менен эне тилибизди жоготсок, анда бизди ата-бабаларыбыздын арбагы да, келечек урпактарыбыз да кечирбейт. Эгер биз аларды жоготсок, тилибизде буга чейин бизге сакталып келген бүткүл мурастарыбызды да жоготкон болор элек.

Ошол үчүн мындай бир улуу милдет бар: ар бир улуттун адамы ошол улуттун тагдырына тиешелүү, билүүгө тийиш болгон бардык ыйык баалуулуктарды билүүгө тийиш. Алар кайсылар? Мисалы, ал адам, мейли, өлкөнүн президенти болобу, мейли, бийлигине чиренген кайсы бир министр болобу, мейли, эл өкүлү - депутат болобу, мейли, байлыгына мактанган, курсагы кучак бизнесмен болобу, мейли, күнүнкү курсагы тойгонуна каниет кылган карапайым жумушчу болобу, Баатыр Манас бабабыз ким болгон, ал кыргызды кантип бириктирип, кантип эл кылып берген? Барсбек бабабыз ким болгон, ал кыргыз элин кантип бириктирип, кантип кас душмандардын мыкаачы колунан 32 жашында баатырдык менен курман болгон? Алп Сол баатыр ким болгон, ал 9-кылымда «улуу кыргыз дөөлөтү» деген мезгилди кантип жаратып берип, тарыхка атын калтырган? Мухаммет Кыргыз (Тагай бий баатыр) бабабыз ким болгон, ал 16-кылымда жер бетинен карааны көрүнбөй бараткан кыргыз мамлекетин кантип кайра жараткан? Ал кытай баскынчыларынын оруна кантип түшүп, кантип азап чегип каза тапкан? Эмне үчүн кыргыз элинин бүгүнкү бүткүл туруктуу санжырасы ошол Тагай бийден башталып калган? Жер жайнап келген баскынчыга жалгыз өзү каршы чыгып, элимди, жеримди коргойм деп курман болгон Курманбекчи? Ошондой баатыр бабаларыбыз Ала-Тообузду душмандардан тазалап, «Ала-Тообуз» эркин болду, «Эркин-Тоо» болду!» деп жар салганын кантип унутуубуз керек? Улуу олуя Калыгулдун көрөгөчтүгү эмнеде эле? Ала-Тообузда биринчи кыргыз мектебин куруп, кыргыз баласына эне тилин алгач ирет сабак катары киргизип, Манас дастанын биринчи жолу окута баштаганда Нурмолдо бабабыз эмне деген ойду ойлоду болду экен? 1911-жылы кыргыз жазма маданиятынын жаңы доорун баштап, кыргыз маданиятында алгач ирет «Алиппе» деген китепти чыгарган Э.Арабаев атабыз ошол китебин өз колу менен жасап, өз көзү менен көрүп отурганда «Китеп» деген эмне экенин өмүрү көрбөгөн толук кыргыздардын ичиндеги кандай бактылуу адам болду экен? Ошондо «Мен укмуш эрдик жасадым, тарыхта калдым» деп кыйкырды беken! Жок! Ошондо айтыптыр ал: «Жолуң ачылды, кыргызым. Ушул жолуңду бек кармагын!» деп. Ал эми 16-жылы эмне болду эле? Тарыхтагы «кыргыз» деген атын коргоп калуу үчүн, замбирек менен мынтыкка таяк менен каршы туруп, улуу кыргында жанын берсе да, рухун бербей сактап калган кечээки аталарыбызды да унутуп бараткандарыбыз канча. Ошондуктан айткым келет, «Мен кыргызмын» деп, өңүбүз гана кыргызга окшошуп турбастан, духубузду жоготпой, рухубузду өчүрбөй, бүгүнкү күндөгү улуттук баалуулуктарыбыз көөнөрүп баратканда, тарыхый акыл-эсибизди да бекемдеп, келечегибизди да бүдөмүктөнтпөй, анын илимий багыттарына карай боолголой жол чалып, саресеп салу - биздин милдетибиз эмеспи?! Албетте милдетибиз!

Ошон үчүн элибиз айткан тура: «Сөз калат! Сөз менен бирге эрдик калат!» -деп. Ошол сөз калганы үчүн «Манас» дастаны калды. Ошол сөз калганы үчүн - Барсбек бабабыздын эрдиги ташка жазылып калды. Ошол сөз болгону үчүн жогоруда айтып өткөн баатыр бабаларыбыздын улутубузга жасаган эрдиктери унутулбай келет.

Сөз калганы үчүн кыргыз тили унутулбай келатат.

Ошол үчүн, кийинки учурда автору дээрлик унутулуп, элдик накылга айланып бараткан, акын Тынчтыкбек Нурманбетовдун: «Кыргыз тилим кылымдарды карыткан, Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан!» деп сыймыктанып да, ишенип да жазган кош сап ыры бекер сөз эмес!

Айтылуу «Троя» фильминде баатыр Ахиллес айткан эмеспи: «Байкуш жоокерлер өмүрү бир ирет өңүн көрбөгөн акылсыз падышалар үчүн өз өмүрлөрүн кыйышат. Бирок ал падышалар унутулат, а эрдик унутулбайт!» - деп. Анткени акылсыз падышалар тууралуу айтылып калган дастандар барбы - жок. А эл эч качан эрдик көрсөткөн жоокерлерин унутуп койбогон, Алар тууралуу өлбөс-өчпөс дастандарды жаратышкан. Ошол үчүн эл аталарынын эрдиктери менен, ошол сөз менен улам кийинки жаңы муунун тарбиялап келген. Ал сөз улам кийинки жаңы муундун мектеби да, китеби да, университети да, академиясы да болгон. Ошол үчүн эл өлбөй жашай берген. Сөздүн да, элдин да өлбөгөнүнүн бир сыры, балким, улуу сыры ушундадыр!

А биз, бүгүнкү муундар, болгондо да, улуттук билим берүү чөйрөсүнүн эр-азаматтарыбыз дегендер эмне тууралуу ойлонуп-түйшөлсөк болот?

Балким, улуттук билим берүү… Улуттук таалим-тарбия берүү… Балким, улуттук илимдерди өнүктүрүү… Балким, улуттук мектептерибизди түзүү…ж.б. тууралуусындадыр…

Биз бир нерсени көпчүлүк учурда туура эмес ойлонот окшойбуз, т.а. улуттук мазмундагы билим-тарбия берер сабактар кыргыз тили, адабияты, Ата мекен тарыхы, анын географиясы гана - деп билебиз. Балким, ошондойдур. А балким, андай да эместир? Андай болсо, улуттук музыка өнөрүбүзчү? Улуттук спортубузчу? Улуттук кол өнөрчүлүгүзчү? Балким, андай сабактарыбыз дагы да арбындыр? Мисалы: улуттук биологиябыз, тактап айтканда, улуттук гендик инженериябыз. Улуттук химия өнөрүбүз, тактап айтканда, улуттук зергердик өнөрүбүз! Улуттук математикалык билимдерибиз, улуттук астрономиябыз! Аларды эмне үчүн улуттук мазмундагы сабактар катары баалабайбыз жана ушул багытта өнүктүрбөйбүз?!

Тил билүү өнөрүбүзчү? «Манас» дастанындагы алтымыш тил билген Ажыбай хан эринип отуруп ойдон чыгарылган каарман эместир! Кыргыздар тоодо жүрүп эле, алтымыш элдин тилин билип, дилин түшүнүп, дипломатия өнөрүн да өз деңгээлинде өздөштүрүп, өз цивилизациясын тарыхка бекемдеп алган эл экени да - дал ушул кең пейилибиз, кенен элдик билимдерибиз, бай дилибиз жана кылымдарды карыткан кыргыз сөзүбүз менен, ал сөзүбүз аркылуу айтылып өчпөй калган эрдигибиз менен биздин күнгө чейин жетип отурган жокпу?!

Бирок, тарыхтын тез чимирилген дөңгөлөгү бизди мынтип ойлонтпой койбойт: Эми мындан ары эмне болот? Сөз баркын баалабай, эне тилибизди жээрип, башка элдин билими менен тарбиясы айрыкча бааланып бараткан глобалдашуу заманында келечегибиз кандай болот? Бирөө айтуусу мүмкүн, сөз болбосо - китеп бар, эл сүйлөбөсө, китепте калат, оозеки сөз унутса, китеп унутпайт» деп. Балким ошондойдур. Бирок, акын Расул Гамзатов айтмакчы, эл сүйлөбөй, адамдын жүрөгүндө калбаса, ал сөз том-том болгон китепте калганы менен, эч ким окубаса, анын унутулганы ошол эмеспи!

Же болбосо, үйдүн тили катары гана колдонулуп, босого аттап эшикке чыкпай, расмий чөйрөгө жетпей, коомдо кызмат кылбаса, тилибиз элдин, коомдун тили болобу, же үйдүн тили болобу?

Эне тили дегенибиз менен энелерибиз сүйлөбөсө, ал кимдин тили болот? Эне тилибиз - кыргыз тили деп какшап туруп, аны энелерибиз өзүлөрү өгөйлөп чанып турса, улут үчүн, Жер-Энебиз үчүн абдан эле уят го?

Ата болуп туруп, Ата Журтубузду чанып, аны четинен сатып отурса, бул кайгынын кайгысы эмей эмне?

Мурда балдарыбыздын тили орусча чыкчу эле, эми неберелерибиздин тили чет тилдерче чыга баштаганына кейигенден көрөкчө кубанганыбыз көп! Мунун өзү улутубуздун өнүгүп бартканыбы, же өлүп баратканыбы?! Кайсы олуя буга баа бере алат да, келечегибизди көзү ачыктык кылап айтып бере алат? Эч ким. Анын көзү ачыгы да, олуясы да - өзүбүз. Анткени бүгүн бары - өзүбүздүн гана колубузда. Тилибизди бар кылган да - бизбиз, жок кылган да - биз, өзүбүз, Кыргыздар. Биз бүгүн кандай кылсак, эртең ошондой болот.

Ошол үчүн кечээкибизден сабак алалы.

Ошонун баары айткан сөзүбүз менен калат, жасаган - чоңбу, кичинеби, улутубуз үчүн жасаган эрдигибиз менен калат!

*(Аягы)*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№6 (304)
28 06 2024
kyrgyztili@mail.ru

# КУТТУУ БОЛСУН ТЕМИКЕ, КУТМАН КУРАК ЖЕТИМИШ

*Адамдын адамдыгы анын жөнөкөйлүгү, туура сөзду түз бетке айткандыгы, эмгекчилдиги менен бааланат. Көтөрүмдүү, сабырдуу адам кызматы чоңоюп кетсе көппөйт, кызматтан түшүп калса чөкпөйт. Дайыма бир калыпта жүрөт. Улуу-кичүүгө бирдей мамиле жасайт.*



Мына ушундай адамдардын бири Осмоналиев Темирбек Өзгөрүшевич. Ал 1954-жылы 10-июнда Талас облусунун Талас районундагы Кара-Ой айылында туулган. 1976-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Ж. Баласагын атындагы) филология факультетин аяктап, ошол эле жылы "Кыргызстан" басмасына редактор болуп эмгек жолун баштаган. Андан кийин "Мектеп" басмасында редактор болуп иштеп, саясий китептерди, ошондой эле окуу китептерин чыгаруу боюнча мыкты көндүмгө ээ болгон. Иш тажрыйба топтогон. Ушул учурда пролетариаттын улуу жол башчысы, социализмдин классиги, СССРдин негиздөөчүсү В.И.Лениндин толук чыгармалар жыйнагын кыргызчалап китеп чыгаруу иши башталып, ага тажрыйбалуу мыкты адистин бири катары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы Партия тарыхы институтуна Т.Осмоналиев да чакырылган. Ал бул жерде илимий редактор катары В.И.Лениндин бир катар томдорун кыргызчалап чыгарууга абдан жигердүү катышкан.

1983-жылы саясий жактан бышып жетилген, кыргыз тилин да, орус тилин да мыкты билген адис экендигин байкашып, Т. Осмоналиев Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун аппаратына улук консультант кызматына чакырылган. Бул жерде ал мамлекеттик башкаруу ишине аралашып, жогорку мамлекеттик кызмат чөйрөсүндө, СССР тарап, Кыргыз Республикасы эгемен мамлекет болуп, Президиум Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши аталган учурда да референт болуп кызмат өтөгөн. Бул жерде ал Кыргыз Республикасынын атрибуттарын (Гимнин, Гербин, Туусун), алгачкы мыйзамдарын кабыл алууга да аралашып, көп эмгек жасаган, өзү да көптү үйрөнгөн.

1995-жылы Т.Осмоналиев Ататүрк атындагы Эл аралык фондго директор болуп дайындалган. Жетекчи болуш үчүн юридикалык билим керектигин баамдап, 1997-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин юридика факультетин сырттан окуп, юрист деген экинчи жогорку билимге ээ болгон. Андан кийин "Гуземи-Бишкек" эл аралык илимий-коммерциялык ишканасында директор, КР Мамлекеттик салык инспекциясында иш башкаруучу, КР Премьер-министринин Аппаратында эксперт, Бишкек шаарынын мэриясынын Ленин райондук администрациясында акимдин орун басары болуп жалаң башкаруу чөйрөсүндө эмгектенген.

2012–2014-жылдары "Кыргыз энциклопедиясынын" Башкы редакциясында иштеп, Кыргыз энциклопедиясынын 2-басылышын (9 томдук) чыгарууга жигердүү катышкан. Ага дасыккан адис катары энциклопедияга даярдалган макалаларды адабий жактан текшерүү вазийпасы жүктөлгөн. Андан кийин дээрлик он жыл бою Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияда иштеп, мамлекеттик тилди өнүктүрүү, республикада тил саясатын жүргүзүү боюнча бир катар олуттуу иштерди аткарган.

Т.Ө.Осмоналиев 2024-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борборунун директору– башкы редактор кызматын аркалап келет. Темикенин өз ишине жасаган тыкан мамилеси, улууну урматтап, кичүүнү сыйлай билгени, тамашакөйлүгү, адамгерчиликтүүлүгү, калыстыгы сыяктуу мыкты сапаттары жаштарга үлгү. Жаштардын насаатчысы дагы.

КР Өкмөтүнүн жана КР ЖКнын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Кыргыз энциклопедиясы жана терминология борборунун эмгек жамааты Т.Осмоналиевдин 70 жаш кутман куракка толушу менен куттуктап, ишине ийгилик каалайт!

***

*Темикем эмгек жолун баштаган,*
*"Мектеп" басмасында редактор болуп.*
*Анан котормочулукка кирген,*
*Лениндин томдорун которуп.*
*Мамлекеттик кызматта да жүрдү,*
*Күн-түнү иштеп, унутуп үйдү.*
*Бир учурда болуп салыкчы,*
*Республикалык бюджетти байытты.*
*Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө,*
*Атка минерлерди кыргызча сүйлөөгө көнүктүрүүгө,*
*Бир топ жыл ак эмгек жасады.*
*Кыргыз элинен алып батаны.*
*Адистиги болсо тарыхчы, филолог, юрист,*
*Китеп жазуу боюнча адис энциклопедист.*
*Анан да мыкты билген эсепти,*
*Азыркы мезгилдеги заманбап жетекчи.*
*Эл жетимишке чыкканда ардактуу эс алууга кетсе,*
*Сен Энциклопедияга жетекчи болуп келдиң.*
*Эми болгон күчүңдү энциклопедия чыгарууга бергин.*
*Айтор Темике чачың эле көгала болбосо,*
*Болгону отуз бештен экиге эле келдиң.*
*Энциклопедиячылардын маянасын көбөйтүп,*
*Эң аз айлыктын каатчылыгын жеңгин.*
*Кутман курак **70** жашың кут болсун!*
*Бул жигиттик эле курак эмеспи,*
*Эки эселеп жуп болсун!*

**Ысмайыл КАДЫРОВ, энциклопедиячы, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер.**

# Ауэзов… Ауэзовдор… Мухтар, Мурат.

**Султан РАЕВ, КР Эл жазуучусу**

Бу ысымдар соңку казак тарыхында ысмы чагылгандын огу менен, көкүрөктүн сыясы менен жазылган ысымдар! Улуттун абийири, улуттун намысы, улуттун туусу болуу, күн сайын чындык менен, күн сайын акыйкат менен жашоо булардын өмүр мыйзамына айланды. Муштумдай кара баш көгөйүн караламан журтка, эл уңгусу улутка, каны да, жаны да денебоюна бүткөн, тамыры элим деп, жерим деп тереңге кеткен улуу Инсандарга гана таандык сапат, жаратылгандан жанга бүткөн касиет!

Улуу Мухтар, улуу Мураттын адамдык генетикалык коду. Адам дүйнөсүнүн өзгөчө феномени! Кылычтын мизинде, найзанын учунда, дүйнөнүн кара кылын как жара басып өтүп, ар бир ирмем сайын тирүү бутага айланган Ауэзовдордун бүткүл өмүрү Казагым деп, казакка руханий Алтын казык ..

" ..Атам Мухтар менен Ысык-Көлгө келгенде Саякбайдын чапанына оронуп алып "Манасты" көп уктум. Улуу манасчынын айтуусундагы Манас жаш кезимен жан дүйнөмө орноду, Манасты сүйүү сезими менин жүрөгүмөн түбөлүк орун алды .. Манас аркылуу кыргыздын улуу рухун тааныдым. Манас жана Мухтар экөө бирдей мен үчүн Ыйык .." деген Мурат Ауэзовдун сөзүн көп уктум .. Кече, Алматыда тулпардын туягы, асылдын асылы Мурат Ауэзовду акыркы сапарга узаттык ..



Мурат ага жума күнү .. Курман айттын биринчи күнү .. Бейиштин дарбазасы ачылган күнү актыкка башын урду. Ауэзовдор Кыргызды, Айкөл Манасты жүрөгү менен сүйдү!

# ЭКИНЧИ ӨМҮР УЗАК БОЛСУН!

**Аида ЭГЕМБЕРДИЕВА**

Адамдар ар кимибизге ар башкача жакын. Узаганын ар башкача жоктойбуз. Самсак агай маган эң ириде мыкты редактор, анан стилист, чебер жазуучу катары. Анын колу тийген бир макалам 2003-жылдан бери менде эстелик болуп сакталып жүрөт (сыя калем менен жазылган жерлер). Кыргыз адабиятынын тарыхын ийне-жибине чейин билген, сураганын аянбай айткан, бирок айтып аткан кишисинин бирине да акараат сөз келтирбеген, талдоону угармандын өзүнө койгон, өтө маданияттуу, интеллектуал жазуучу болчу. Айтматов өз романынын кыргыз тилиндеги эки котормосун барактап көрүп: "Мобу баланыкы жакты" деп, аныкына тандоо бергенин айтып калчу. Эмне суроо болсо, жооп алчубуз. "А.Жакшылыков китепке жакшы ат коёт. Мая Осмонкулованын "Он үчүнчү ай" деген китебинин атын ал койгон" дегени эсимде. Кайсыл адабий окуянын качан, кантип болгону эсинде жатталуу эле.

Өзүнүн романдары - адабиятта чоң сөз. Самсак агайды жакын сезип калганыбыз - ысымын күндө укчубуз. Айсулуу, Бактыгүл үчөөбүзгө айткан Гүлзада досубуздун жаңылыгынын ичинде сөзсүз "Самсак аке" бар болчу. Биз да ошентип атап калганбыз. Акыркы



күндөрү Гүлзада беймаза болуп жүрдү. Акыры - бул... "Осмон жаңы камера алды, записти эми баштайбыз" деп пландаганыбыздан бери эле ортодо бүтүндөй пандемия учуру өтүптүр. Баары кеч... Эми экинчи өмүрү узак болсун!!

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН
№6 (304)
28 06 2024
kyrgyztili@mail.ru

# Соң –Көл, сага баратам (эссе)

(Башталышы 7-бетте)

Акыры сүйгөнүн сагынып, айласы кеткен ашык-карып колу менен жыгачтан жарчы чымчыктын кебин жасайт да дарактын башына кондуруп коет. ”Ата, тигине, жарчы чымчык келиптир” дейт. Байкуш чалдын көзү жакшы көрбөйт экен. Баласынын сөзүнө ишенип, “анда, балам көчтүк” дейт. Алар көчүп барган күндөн эртеси чындап эле кар жаап, малдын баары кырылып калат...

Анын сыңарындай, мен да Таалайбекти Соң-Көлгө барганга көндүрүш үчүн күнүгө бир нерсени айтып арбайм. Такем болсо шашылаар түрү жок. ”Стипендия тийсин” дейт. ”Күн дагы бир аз жылый түшсүн” дейт(Менден бир жаш улуу болгону менен мен сыяктуу сүйүп көрө элек да, мендей күйүп көрө элек). Акыры ал да көндү, менин айтканыма муюду. ”Эртең жөнөйбүз” деди. Чарбалык буюмдарды сатчу дүкөндөн бир чоң темир чайнек алдык, он чакты аттын такасын алдык (Такеме айылдан ошондой буюрма болгон окшойт). Андан соң “Айчүрөктүн” ылдый жагындагы жашылча-жемиш базарынан жаңы бышкан өрүк алып, Такем аны эзилбесин деп чайнектин ичине салды. Анан мергенчилердин дүкөнүнө барып, кайырмак алдык.

...Мына, Көк-Капталды жанбоорлоп кеткен жолдо турганыбызга эки саттай болуп калды. Сол жак тараптагы саздакта жылкылар, койуйлар жайылып жүрөт. Сазды аралап чоң суу агып жатат. Ар жактагы кан жолдо болсо машиналар тынбай ары-бери зуулдайт. Бирок, алардын бирөөсүнүн да биз жака кайрылаар түрү жок. Такемдин айтымында, Соң-Көлгө төрт жол алып барат экен:Кочкордун Калмак ашуусу, биз бараткан Тескей торпу, Ак-Талаа жактан Молдонун бели, анан Жумгал ашуусу аркылуу. Динардын эжеси Жумгал тараптан келген. Кудай буюруп, бүгүн Азык абанын(Такемдин таекеси) үйүнө жетип алсак, эртең Динарымды издеп чыгам.Такем атын токуп берээр, болбосо жөө-жалаңдап деле чыга берем. Кой издеген, уй издеген киши болуп ар бир үйгө токтойм, ар бир үйгө салам айтам. Ошолордун биринен жарк этип, күн сымал нурлуу жүзүн күлкү чайып Динарым чыга калгысы бардыр. Анан экөөбүз жетелешип алып, Соң-Көлдү жээктеп жөнөйбүз. Ашыглыктын ырын, кубанычтын, шаттыктын ырын ырдап жөнөйбүз...

Түшкө жакын кудай жалгап эки машина бурулду. Экөө тең жүк ташыган ЗИЛ машиналар экен. Жанталаша кол көтөрсөк токтоп, алып алды. Үчөөбүз, он тогуз-жыйырмадагы жигиттер кузовдо сүйүнгөнүбүздөн ооздорубуз жалжайып, чачтарыбыз шамалга сеңселип баратабыз. Тектир-Сазга чыкканда айдоочулар машиналарын жол боюна токтото коюшуп, бир ичишти. Андан ары ылдыйлап жөнөдүк. Бөрүлү менен Тешиктин ортосунда(Бул аттардын баарын бизге Такем айтып баратат) ДЭУнун имараты бар экен. Анан жол кайрадан өр тартып, Жон-Булакка чыктык. Белдин үстү жапыз өскөн чөп, жайнаган майда көгүш гүлдөр. Керемет кооздук!Бирок, сагынган, издеген көз ашыгынан башка эчтекени көрбөйт тура. Менин көзүмө да сенден башка эчтеке көрүнбөй жатат, Динарым.Тээтиги ак булут да, тээтиги арчалар да, мынабул жайнаган көп, кызыл гүлдөр да жалаң сен болуп көрүнүп баратат. Бул аалам сенин гана элесиңен тургансыйт мага...

Белди ашып, Кыргоонун ичине түшкөндө токтоп, дагы ичишти. Алар токтогон сайын “Дөөтү колдосун”, ”Дөөтү колдосун” деген үндөр угулуп, “Андроповский” деп аталган арактын бош бөтөлкөсү калып атты. Деги жетпей эле койдук...Соң-Көл өзү ушундай алыспы, же сагынган, эңсеген жүрөккө ушундай сезилип атабы?

Сары-Белге жеттик. Ошол жерден жол эки айрылып, сол жагы Каратал –Жапырыкка, оң жагы Соң-Көлгө кетет экен. Сай боюнда кыштоолор турат. Үстү жагы карагайлуу аска.Кыштоолордун биринин жанына жеткенде машиналар токтоп, кабинада отургандардын бири ичкери кирип кетти да тез эле кайра чыкты.

– Энеңди урайындын катыны десе !- деди чыйт түкүрүп. - Бир эмес, эки машина алып келсе көчүп кетип калыптыр.

– Анан сени качан келет деп күтүп отура берсинби? - деди ар жакта турган аял. Кыязы, кошунасы окшойт. Бирок, тиги аны уккан да жок.

– Бир эмес, эки машина алып келсе...

Жолубузду кайрадан уладык. Суу бойлоп бир топ жүргөндөн кийин Тескей-Торпуга жетип бардык. Ушул жерден 32 имерилиш серпантин башталат экен. Ашуунун алдынан дагы бир жолу ичишти. Анан биз турган кузовдун бортун ачып, бир кишини шалактатып көтөрүп чыгарышты да полго жаткырып коюшту. Бул жанагы аялы көчүп кетип калган чабан эле.

– -Ой, эчендиктер, келатасыңарбы?- деди бири бизди карап. - Жүр, бирөөң кабинага отуруп алгыла.

Таалай менен Жаналы бири-бирин карап алышты.

– Маке, сен бар - деди Такем.

Мен кузовдон ыргып түшүп, тиги кишини ээрчидим. Ал деле оолжуп, араң басып баратат. Бирок, биздин айдоочуга салыштырмалуу бир аз сооракак. Тагырагы, бир аз бутунда тура алат экен.

Ашууну өрдөп жөнөдүк. Жолдун сол жагы жыш өскөн карагай. Анан улам өйдөлөгөн сайын карагай сээлдеп, аздап, бирин-серин арчалар гана көрүнүп калды. Жол жээктей ар кайсыл жерде бетон мамычалар сороет, машина сүзгөнбү, кээ бирлери кыйшайып, оонап жатат. Улам бир серпантинден бурулганда машина бир саам токтойт да, артты көздөй кетенчиктеп жөнөйт. Анан имерилиштин так кырына жеткенде тык токтоп, кайра алдыга жүткүнөт. Машина артка кеткен сайын менин үрөйүм учуп, секиргенге даярданып калам. Бирок, бул жолдор менен жүрө берип көнүп калган окшойт, шоопурдун дегеле кебелээр түрү жок. Менин коркконумду көрүп, жылмайып коет.

Акыры кырга чыгып бардык. Ошол жерден ак чокулуу тоолордун үстүнөн Соң-Көл кадимкидей көрүнө түштү.

– Бул жердин чөбү күчтүү болсо керек ээ? - деп суроо салдым айдоочуга.

– Укмуш да! Кечинде илмийип араң баскан кырчаңгыны кое берсең эртең менен карматпай калат.

– Ышкын көппү?

– Толтура. Баса...

Айдоочу тормозду тээп, машинаны токтотту да мага буйрук кылды.

– Бар, бир аз ышкын терип келе калчы.

Мен чуркап барып, көзүмө урунган эле үч-төрт түп ышкынды үздүм да кайра келип калдым.

– Тү-ү, ак баш болуп калган турбайбы! - деди айдоочу бир тиштеген соң. Анан ачык турган терезеден ыргытып ийди.

Биз ылдыйлап бараттык. Ар кайсыл жерден жайылган мал, бирин-серин боз үйлөр көрүнө баштады.

– Шоопурдун иши кыйын болсо керек?

Мен айдоочуга кайра суроо узаттым. Белге эсен-аман чыгып алганыбызга сүйүнүп, менин эми аны менен кобурашкым келип калган эле.

– Көнүп калбадыкпы. Жыйырма жыл болду машина айдаганыма. Уйкудан калганың эле болбосо...Жайдын күнү дээрлик уктабайсың да. Бир аз куш уйку салып алып эле кете бермей. Баягы бир жылдары девит минип, башкарманы тартып калдым. Жеткен уйкучу киши болчу. Машинага отурар замат эле коңурук тартып кирет. Жанындагы киши уктап атса шоопурга кыйын эле. Менин да көзүм илинип баратып, араң өзүмдү кармап калам. Же аны уктаба деп айта албайм.(Башкармага кантип айтасың?). Акыры шашпай тур, сени бир тарбиялайын дедим да бир амал ойлоп таптым. Жайлоого бараткан жолдо тик жар бар болчу. Машинаны жардын так кырына токтоттум да башкарманы түртүп ойготтум. ”Байке, кудай бир чоң сактады. Сиздин уктаганыңызды көрүп менин да көзүм илинип кетиптир. Аз болгондо жардан ылдый учуп кетмек экенбиз дедим. Ылдый жакты бир карап алып, башкарманын төбө чачы тик туруп кетти. Ошондон кийин чакчайып, күн болобу, түн болобу мени тиктеп отурчу болду. Ха-ха-ха!

Шоопур борсулдап күлүп калды.

Кептештен түшүп, кыркын сарайга жеткенде шоопур машинасын токтотуп, бир киши менен сүйлөшүп туруп калды. Мен кабинадан түшүп, кузовдогу Жаналы менен Таалайдын жанына туруп алдым. Кыркын сарайдын алдынан жол дагы экиге бөлүнөт экен. Оң жакта көрүрө турат. Биздин машина сол жакты көздөй бурулду.

– Буюрса, Соң-Көлгө кеттик - деди Такем мулуң этип.

Менин капталыма канат бүткөндөй көңүлүм көкөлөй түштү. Өзүмдү түгөйүн издеп бараткан аккуу сезип кеттим. Ашыгын издеген булбулдун зарын, торгойдун муңун угуп, Болот менен Ак Мөөрдүн сүйүүсүнө күбө болгон ыйык көлсүн, Соң-Көлүм, махабат мекенисиң, Соң-Көлүм! Мен сага баратам. Динарым экөөбүздү да табыштыр. Дагы эки жүрөктүн жолугушуусуна күбө бол...

---

**Иван Бунин**

# КАРЫШКЫРЛАР



Август айынын мемиреген жумшак түнү талааны бойлой жаткан чаңдуу жол менен кош ат чегилген араба келе жатты. Тиги, булуттуу асман бетинде жылдыздар адаттагыдай жамырап көк бетин талашпай, анда-мында гана бир жылт этет. Дал мына ушул коюу, буурул түндөгү кулак мурун кескен тынчтыкты бузуп келе жаткан арабада арабакечтен башка дагы эки адам бар эле. Анын бири – өзүнө тиешелүү кичи жер ээлиги бар жаш келин, экинчиси – гимназияда окуп билим алып жаткан жаш улан. Анда-санда булуттардын арасынан жылт этип көрүнө калып жаткан тээ көктөгү ай кечээ гана эч нерсе менен иши жок жаштык дооранын сүрүп жүрүп, бүгүн минтип башына сыйда жоолук салынып, ата-бабасы таанылбаган эле бир үйгө келин болуп келип калган уяң кыздай толукшуп, көз жоосун алат. Күмүш түстүү нурлары жер бетине тегиз чачырап, теребелди жарык кылат. Ошондон улам жал-куйругу байланып, араба сүйрөп бара жаткан аттар, башында картузу, үстүндө жупуну чыт көйнөгү бар арабакеч жана муңайым тарткан тиги муңдуу талаа алаканга салгандай көзгө даана көрүнөт. Шумдугуң кургур, кечээ элдин баары кечки тамакка кирген маалда, карышкырлар кайсы бир үйдүн короосуна кирип, бир койду жара тартып, сүйрөп бара жатканында, иттердин калаймакан түшкөн ызы-чуусуна чуркап чыккан жигиттер колдоруна бакан ала чуркап, капталы жарылып, небак ичегиси чубалып калган койду арачалап калышыптыр. Мына эми ошону уккан арабадагы бул жаш келин ширеңке чагып күйгүзүп, оңду-солду ыргытат. Анан калса, өз кылыгына өзү маашыр боло: “Энекебай, деги кашабалардан сактай көр!” - деп экилүү каткырат. Ширеңкенин учкуну анын жанында отурган жаш уландын албырып чыккан жүзүн улам кайра жарык кылат. Араба нары-бери чайпалат. Денеси-денесине кынала түшкөндөн пайдаланып, гимназист жигит келинди белинен имере тартып, бирде алкымынан, бирде бетинен сүйөт. Эриндерине жетүүгө ашыгат. Келин башын чулгуп, жигитти чыканагы менен капталдан нары укуй түрткөн болот. Сезими делөөрүп алган жигит өзүн араң токтотуп, арабакеч уксун дегенчелик кылып катуу кыйкырып мындай дейт:

– Жетишет эми, ширеңкемди кайтарып бериңиз. Антпесе, тамеки күйгүзө албай калып жүрбөйүн?

-Коркпоңуз, тамеки күйгүзгөнгө ширеңке калат! – дейт келин ага жооп кылып. Анан кайра ширеңке жанып, учкуну айлананы бир саамга жарык кылат. Ошол көз ирмемчелик жарыкта арабанын дөңгөлөктөрү алдыны карай эмес, артты көздөй айланып бара жаткандай элес калтырат.

Келин бир маалда жанатан берки аракетине жооп кылып, жигиттин кучагына боюн таштай бөрсөйгөн эриндерин тосуп, эзилише өбүшүп кирди. Дал ушул маалда арабакеч божуну күч менен тартып, текирең таскак менен бара жаткан аттарды капысынан тык токтотту да, аз жерден эт-бетинен кете жаздап барып оңолгон берки экөөнө бурулуп: "Карышкырлар!" деп кыйкырды.

...Оң тарапта жанатан бери болуп жаткан өрт учкуну уюлгуган түтүн аралаш тээ асманга көтөрүлүп, теребелге жарык чачат. Токой эми жанагысындай болбой, көзгө комсоо көрүнөт. Караган-бута чатырап күйөт. Ал ансайын өрт долуланат. Аптабы улам жакындап, мына эми бети-башты чымыратат. Дал ошол өрт болуп жаткан тарапта чоңдугу торпоктой болгон үч карышкыр аларга тигилет. Кан толуп, чычаладай кызарып турганы аз келгенсип, көздөрүнөн от чагылат. Убакыт токтоп калгансып, бир саамга жымжырт боло калгандан кийин, капысынан аттар катуу кошкуруп атып, арабаны күү менен солду көздөй булкуп тартып, аң-дөңдү карабай айдоо үстү менен атырылтып сүйрөп жөнөйт. Муну күтпөгөн арабакеч чалкасынан түшөт. Колундагы божуну коё жибербей, өйдө турууга далалат кылат. Арабанын дөңгөлөктөрү катый түшкөн бир бороздодон экинчи бир бороздого согулуп, ал ансайын өйдө туруусуна жолтоо болот... Бир маалда өлөр-таларын билбей күү менен бара жаткан аттар алдыдагы аңга жетип-жете бербей арабаны дагы бир жолу булкуй тартып, башка нукка саларда келин ордунан атып туруп, арабакеч баланын колундагы божуну күч менен жулуп алар замат эт-бетинен барып арабакеч отурчу секичени сүзүп кулады. Ошентип, эрин туштагы ошондон калган тырык изи өмүр бою кеткен жок. Бул туурасында андан сурап калышса, ал буга жылмая күлүп, маашырлана:

-Э, кайсы бирин айтайын! - дей турган тээ алыста калган качанкы бир жай мезгилин, август айынын кургак күндөрүн, кызыл баскан кырман жана сары кыр тарткан үймөк самандагы сакалы кырылбаган гимназист бала менен коюн-колтукташа жатып эзилип, тиги көк бетин бербей жымыңдаган түнкү жылдыздарга телмире тиктеп, кыялдана жатчу түндөрүн эстей берип. – Капысынан карышкырлар чыгып, аттар ала качып... – А мен болсо, эмне жаш элем, мас элем - дегендей, аттарды токтото калам деп...

Анын албуут сүйүүсүнө ким гана кабылбады дейсиң... Алардын баары бир ооздон анын ажарын ачып турган дал мына ошол эрининдеги узатасынан кеткен тырык экенин айтышчу.

1940-жылдын 7-октябры

**Которгон Таштанбек ЧАКИЕВ**

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484
ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6
(304)

28
06
2024

kyrgyztili@mail.ru

# Ырысгүл Изатова




## Түйшөлүү

*Терезеден тийип бетке күн нуру,*
*Таттуу уйкумдан жаңы гана ойгондум.*
*"Атткан таңды кандай тосуп алды?.." - деп,*
*Ачып көздү, дароо сизди ойлондум.*

*Болоор-болбос көйгөйлөргө түйшөлүп,*
*Билбейм, балким кабагыңыз чыгаар суз.*
*Бүтпөй калган ишиңизге шашылып,*
*Бүгүн дагы эрте турган чыгаарсыз...*

*Күчөп улам сагынычым сиз деген,*
*Көөдөнүмө жыйылууда толуп муң.*
*Койсо эгер тагдыр менин эркиме,*
*Келээр эле азыр сизге жолуккум.*

*Кездешүүнүн бир айласын таба албай,*
*Күн-түн дебей ичтен сызып, толгонуу.*
*Жашоо токтоп калмайынча иш бүтпөйт,*
*"Жолугалы?"- деп койсоңуз болгону.*

## Аячы

*Бүтөй албай көңүлдөрдүн сыныгын,*
*Баскан жолдор багыты жок анчейин.*
*Баштан ашып турса дагы кылыгың,*
*Башка жанды сүйө албасам кантейин?!*

*Кабагым да ачылбастан суз тартып,*
*Каалоосу жок жашап жаткан кез бүгүн.*
*Канча жанды жүргөн менен суктантып,*
*Кайгы-муңда өтүп барат мезгилим.*

*Асыл адам акыр айтаар сөзүм бу:*
*- арбып барат жүрөгүмдүн жарасы,*
*Ченеми жок сүйсөм деле өзүңдү,*
*Чоочун жандай болуп турам карачы.*
*Мени бир аз, мени бир аз аячы...*

## Акын эжеге

*Кирген суудай киргилт тартат ташкының,*
*Ким уурдады көөдөнүң курч жаштыгын?*
*Кандай санаа думуктуруп ичинден,*
*Канча көз жаш сиңирди экен жаздыгың?*

*Борошолоп бороон уруп туш жагың,*
*Боор тартпасты балким жандап ыктадың.*
*"Жат экен" Деп жасалмалуу турмушту,*
*Жыйыштырып салдыңбы анан бүт баарын?*

*Ырдан башка сырдашың жок жөлөнөөр,*
*Ырларыңа дос да, кас да бөлөнөөр.*
*Акыйкат бул – азап күткөн тагдырга,*
*Акын гана чыдаш үчүн төрөлөөр!*

## Жат адам

*Жашымдан жолдоштой муң мага,*
*Жолумдан адашкам мурда да...*
*Булуттай буркурап ыйласам,*
*Бугумду бөлүшөт ыр гана!*

*Ачылбас асмандай түнөрүп,*
*Аялуу сезимим "тирүү өлүк".*
*Өмүрүм шам чырак майындай,*
*Өксүгөн кетпесин түгөнүп.*

*Күндөрүм күйүткө жалгашкан,*
*Күбүлүп дүйнөмдөн шаң качкан.*
*Кам көргөн күнөөсүз бирөөнү,*
*Коркомун калп эле жандаштан.*

*Жүрөктү байырлап жашаган,*
*Жүдөткөн санаадан жаш алам.*
*Башкарып жүргөнсүйт акылды,*
*Баягы мен эмес, жат адам.*

## Кыш сезим

*Каныmда айланып жалын от,*
*Кызыксыз сезилип бары-жок.*
*Жашаймын күтүүдөн тажабай,*
*Жолубуз тосулуу а бирок.*

*Камоодо белгисиз чек мени,*
*Күйүткө аз калдым чөккөнү.*
*Бел байлап турсам да бакытка,*
*Бардыгы биз үчүн чектелүү!*

*Удургуп ой-санаам сел сындуу,*
*Ушул кыш – канатым мертинди.*
*Жат боло түшпөңүз заматта,*
*Жыйынча чыйралып эркимди.*

*Бастырбай алдыга тороп муң,*
*Билинбей көп мезгил короттум.*
*Көөдөндөн үмүтүм өчкүчө,*
*Келбейт эч, мен сизди жоготкум!*

## Кечиргиле унутканча

*Жүрөккө өз өкүмүн буйрук кылып,*
*Жүрөт ал сезимимди буюктуруп.*
*Баш тартпай койдум бирок, андан такыр,*
*Башканы сүйсө деле билип туруп.*

*Жадатты жан дүйнөмдүн кыйналганы,*
*Же тагдыр мага бакыт ыйгарбады.*
*Армандуу жазылганга айыптуудай,*
*Ыйлашат кагазымда ырлар дагы.*

*Түбү жок терең ойго тунуп канча,*
*Жашыймын, жашын төккөн булуттарча!*
*Оо ырлар, кечиргиле, кечиргиле,*
*Мен эми ал адамды унутканча.*

## Толгонуу...

*Жарыкка келе элек периштем,*
*Жандалбас урасың кейисем...*
*Тагдырга баш ийбе мен сындуу,*
*Төрөлүп келгенде эми сен.*

*Чыйрак бол, сыноого сынбагын,*
*Чындык деп мен далай ыйладым.*
*Сени да ойлонтоор кез-кезде,*
*Сыгылып ичимден кыйналуум.*

*Жазмыш да, жок билем жан аргам,*
*Жүрөгүм жай таппай карайлайм.*
*Жөлөгүм боло көр турмушта,*
*Жакынды өзүңдөй таба албайм.*

*Жолум бул-борошо, тумандуу,*
*Жан үчүн кечтим көп кыянды,*
*Баарынан кол шилтеп кетким бар,*
*Бузгум жок бир гана уямды.*

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779 СОМ 34 ТЫЙЫН

№6
(304)
28
06
2024
kyrgyztili@mail.ru

ГАЗЕТАГА ЖАЗЫЛУУ: ИНДЕКС 68484 ЖАРЫМ ЖЫЛДЫККА БАА 779,34 СОМ

**Кыргыз тили**

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Редактор:**
Дүйшөн КЕРИМОВ
0(700) 88 81 41
**Жооптуу катчы:**
Жапар уулу Орозалы
0(553) 932503

КР Юстиция министрлигинде каттоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары,
Айтматов көчөсү, 1/1
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:** 296
**Нускасы:** 3 150